А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору

«Ж. Баласагын атындагы КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо»

Бюллетень №4

Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университети

А. Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр
социологиялык борбору

“Ж. Баласагын атындагы КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо”

Бюллетень №4

Бишкек 2024

ЖУСУП БАЛАСАГЫН

- *Билим алсаң урмат-сый алып келет. Билим сага акыл-ой кубат берет.*
- *Билим берди – адамзат улуу болду, окуу менен көп ачты сырдуу жолду*
- *Кудайым акыл, билим кимге берсе, ак жолун ачып тураар миң-сан эсе.*
- *Билим бийик түгөнбөс окуу – улук, адамда ушул эки артыкчылык.*
- *Бул сөздүн тактыгына өтөм күбө, акылдан каалашыңча алгын, үрөн.*
- *Окугандар акылдуу, улук болоор, билимдүүгө түгөнбөс байлык коноор.*
- *Окуу – билим, акылдуу – акыл курап, билимдүү ойдогусун кабыл кылат.*
- *Билимдин маанисин бил, айтканын ук, акыл ал, ар балээден кутулуп чык.*

Мазмуну

Киришүү **5**

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин кыскача тарыхынан **8**

2. Жалпы маалымат **10**

3. Методика **24**

A. Изилдөөнүн проблемасы же суроосу 24

B. Изилдөөнүн максаты жана маанилүүлүгү 24

C. Изилдөөнүн дизайны 24

D. Маалыматтарды топтоонун ыкмалары 27

E. Маалыматтарды талдоо процедуралары 27

4. Анализ жана жыйынтыктары **28**

5. Жыйынтыктар: мааниси жана таасири **360**

6. Тиркемелер **379**

A. Таблицалардын тизмеси 379

B. Графиктердин тизмеси 382

C. Анкета 386

Киришүү

Кылымдар бою билим берүү, илим жана маданият тармагына эң ири салымдарды кошуп, дүйнөлүк деңгээлдеги илимий революциялар аркылуу адамзат коомчулугуна ири бурулуштарды, өнүгүү, өзгөрүүлөрдү жасаган жана жасап келе жаткан, бүгүнкү заманбап коомубузда да академиялык ири маанилүү борборлор болгон бул албетте - университеттер.

Университеттер бүгүнкү пост-модерндешкен, маалыматтык-технологиялык өнүккөн коомдогу жаратман идеялар, техника, технология, ойлоп табуулар, дегеле бүтүндөй новациялардын очогу жана борборлору.

Университеттер кесиптик билим берүү, окутуу, үйрөтүү, өмүр бою окуп үйрөнүү, илимий изилдөө, новациялар, маданий, интеллектуалдык, техника, технологиялык новациялар жана дагы бир топ коомго кызмат кылуу, өнүүсүнө салым кошуу негизги функциялары болуу менен эле ири экономикага ээ. Айталы, дүйнө боюнча эң чоң бюджетке ээ университеттер албетте АКШда, карай турган болсок:

1) Инженерия жана технология боюнча дүйнөлүк лидер **Массачусет** тенологиялык институтунун жылдык бюджети **3,8** млрд доллар (Massachusetts Institute of Technology (MIT), Cambridge, Massachusetts);

2) Дүйнөлүк эң бай окуу жайлардын бири **Гарвард** университетинин жылдык бюджети **5** млрд доллар (Harvard University, Massachusetts). Ири кайрымдуулук жана жогорку билим берүү жыймдары менен каржыланат;

3) Кремний өрөөнү технология жана инженерия тармагында күчтүү изилдөөлөрдү жүргүзгөн **Стенфорд** университетинин жылдык бюджети **7** млрд доллар (Stanford University, California);

4) Медицина билимдеринде маанилүү изилдөө борбору болгон **Джон Хопкинс** университетинин жылдык бюджети **7** млрд доллар (Johns Hopkins University, Baltimore, Maryland)

5) Медицинанын борбору, изилдөө долбоорлору жана чоң студенттик кызматтарга ээ ири мамлекеттик университет **Калифорниянын** жылдык бюджети **8** млрд доллар (University of California, Los Angeles);

6) Ири изилдөө бюджети жана студенттердин саны боюнча салыштырмалуу эн көп катышка ээ мамлекеттик университет **Мичигандын** жылдык бюджети **9** млрд доллар (University of Michigan, Ann Arbor);

7) Медицинада болсун, бизнес тармагында болсун күчтүү программаларга ээ **Пенсильвания** университетинин жылдык бюджети **10** млрд доллар (University of Pennsylvania (Penn), Philadelphia, Pennsylvania);

8) Бардык Техас системасындагы кампустарды ээлеген гигант бюджетке ээ **Техас** университетинин жылдык бюджети **21** млрд доллар (University of Texas System, Austin, Texas)[1].

Ал эми биздин мамлекеттин бир жылдык бюджети мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эске алуу менен мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 2023-жылга 352 323,0 млн сом суммасында[2]. Бир мамлекеттин жылдык бюджети жогоруда саналган университеттердин жылдык бюджетине жете албайт. Демек, айрым ийгиликтүү университеттер уюм катары бир мамлекеттин бюджетинен да жогору боло алат.

Тарыхый хронометраждан карап көрө турган болсок, дүйнөлүк тажрыйбада кесиптик билим берген уюм катары университеттердин айрымдары тээ тарыхый өтмүштөн бүгүнкү пост-модерндешкен маалыматтык-технологиялык учурга чейин бар болсо, бир топтору жок. Тарыхый тамыры эң узун болгон бүгүнкү заманбап коомго чейин белгилүү университеттер кайсылар? Алардын айрымдарына токтолсок:

- Европада жогорку билим берүү системасынын курулушунда маанилүү ролу бар **Болонга** университети (University of Bologna, Италия) **1088** жылы түзүлгөн;
- Билим берүү жана изилдөө сапаты боюнча дүйнөлүк эң алдыңкы популярдуу **Оксфорд** университети (University of Oxford, Англия) **1096** жылы түзүлгөн;
- Заманбап университет системасынын фундаменттерин курган, философия, теология жана искусство тармагында чоң салмагы бар **Париж** университети (University of Paris (Sorbonne), Франция) **1150** жылы түзүлгөн;
- Дүйнөлүк деңгээлде атагы чыккан изилдөө университети **Кембридж** (University of Cambridge, Англия) **1209** жылы түзүлгөн;
- Орто кылымда Испан маданиятынын өнүгүшүндө орундуу салмагы бар эң байыркы университети **Саламанка** (University of Salamanca, Испания) **1134** жылы түзүлгөн;

[1] Маалымат булагы: жасалма интеллект
[2] КРнын Финансы министрлиги https://www.minfin.kg/posts/show/proekt-zakona-kyrgyzskoy-respubliki-o-respublikan

- Медицина жана астрономия тармагынын борбору, Галилео Галилей дарс окуган **Падуа** университети (University of Padua, Италия) **1222** жылы түзүлгөн;
- Европада алгачкы диний эмес окуу жай, Италияда илим, билим жана маданияттын өнүгүшүнө ири салымы бар **Неаполе Федерико II** университети (University of Naples Federico II, Италия) **1224** жылы түзүлгөн;
- Германиянын эң эски медицина, табийгый билимдер тармагында күчтүү изилдөө салтына ээ **Гейдельберг** университети (Heidelberg University, Германия) **1386** жылы түзүлгөн[3].

Эмне үчүн бул университеттерге токтолдук? Анткени дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, айрым университеттер тээ өтмүштөн бүгүнкү трасформацияланган доорго чейин бар болсо, канчалаганы жок. Алардын бүгүнкү күнгө чейин дүйнөнүн эң алдыңкы университет болушунун өзгөчөлүгү эмнеде же тагыраак айтканда, уюм катары аларды башкалардан айрымалап турган эмне? Биздин өлкөбүздүн мамлекеттик окуу жайы катары узун тарыхый тамырга ээ Кыргыз улуттук университетинин азыркы абалы кандай? Кандай өнүгүү траекториясына багыт алган?

Уюмдун учурдагы абалы анын ички чөйрөсүнө жакшы/нормалдуу көрүнө бериши мүмкүн, а бирок айрым элементтерде, нюанстарда жакшыртылышы зарыл болгон маселелер дал ушундай изилдөөлөрдүн негизинде даана көрүнөт. Эмне үчүн? Анткени дал ушундай изилдөөлөр уюмдун мүчөлөрүнүн пикирине баа берип талдагандыктан келечекте негизги өндүрүүчү күч катары анын өнүгүү траекториясын аныктоого компас боло алат деп айтсак жаңылышпайбыз. Эртеңки күндү кароо кыйын болушу мүмкүн, бирок биздин бүгүнкү тенденциябызга карап эртеңкини байкай алабыз.

[3] Маалымат булагы: жасалма интеллект

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин кыскача тарыхынан

- 30-март, 1925-жыл - Кара-Кыргыз автономиялык областынын Кеңешинин уюштуруу съездинде Кара-Кыргыз агартуу институтун ачуу тууралуу маселе каралган. Даярдоо ишин жүргүзгөндөн кийин, 1925-жылдын октябрь айында Пишпек шаарында Кыргыз агартуу институту (КАИ) ачылган.
- 1927-жылы Кыргыз агартуу институту Борбордук педагогикалык техникум (БПТ) болуп кайра түзүлгөн.
- 31-май, 1930-жыл - РСФСРдын Эл Комиссарлар Совети Кыргыз автономиялык республикасында жогорку окуу жайын ачуу жөнүндө токтом кабыл алган.
- 13-январь, 1932-жыл - Кыргыз борбордук педагогикалык техникумдун базасында Кыргыз ССР эл комиссарлар кеңешинин токтому менен М. В. Фрунзе атындагы кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту ачылган.
- 21-май, 1951-жыл - СССР министрлер совета “Фрунзе шаарында Кыргыз педагогикалык” институтунун базасында Кыргыз мамлекеттик университетин уюштуруу жөнүндө токтому чыккан.
- 11-декабрь, 1972-жыл - Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР министрлер советинин токтому (№505) менен КМУга “СССРдин 50 жылдыгы атындагы” деген ардак наам берилген.
- 24-сентябрь, 1982-жыл - СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен университет “Квалификациялуу адистерди даярдоого жана илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн “Эмгек Кызыл Туу” ордени менен сыйланган.
- 11-август, 1993-жыл - Кыргыз Республикасынын Президентинин указы менен Кыргыз мамлекеттик университети Кыргыз мамлекеттик улуттук университети болуп кайра түзүлгөн.
- 11-май, 2002-жыл - Кыргыз Республикасынын Президентинин указы менен “Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети” болуп түзүлгөн.

МИССИЯ:

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин миссиясы – классикалык жана инновациялык жетишкендиктерге таянып, университеттин билим берүү, илимий потенциалын сактап, өөрчүтүү, улуттук идеяларды жаратуучу, улуттук долбоорлорду аткаруучу жана улуттук интеллегенцияны даярдоочу борбор болуу.

МАКСАТТАР:

КР Президентинин 2022-ж. 18.07. №24 “КР ЖКББ билим берүү уюмдарынын көрөңгөсү менен атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга карата чаралар” жөнүндөгү жарлыгын ишке ашыруу;

КУУну академиялык чөйрөнүн эл аралык рыногунда татыктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү орду бар Кыргызстандын алдыңкы билим берүү, изилдөө университетине айландыруу.

2. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Материалдык - техникалык база

- Бишкек шаары жана 4 аймакта 618 аудиториясы менен 12 окуу имараты;
- 1 344 орундук 5 студенттик жатакана;
- 1 студенттик жатакана (№4) (жараксыз абалда);
- интернетке чыгуу мүмкүндүгү бар 1 325 компьютери, 73 компьютер классы;
- мультимедиа каражаттары менен 44 аудитория жабдылган;
- 10 ВОЛС аркылуу интернетке кирүү мүмкүндүк түйүнү бар;
- Huawei Wi-Fi технологиясына негизделген 238 үзгүлтүксүз проводсуз түйүн бар;
- кабинеттер, аудиториялар, лаборатория, жатаканалардын ж.б. 10% Wi-Fi аркылуу интернетке туташкан.

Кошумча материалдык база

- “Университет” пансионаты Бостери айылы, Ысык - Көл (3 корпус, 28 коттедж, 370 орун);
- Ысык-Көл обл. Жети-Өгүз рай. Жеңиш айылындагы “Азамат” спорттук ден-соолук чыңдоо лагери (17 гектар аянттуу);
- Бишкек шаары Манас көчөсү 140, жалпы аймагы - 1,9 гектар болгон Ботаникалык бак бар.

Университеттин түзүмү:

- 14 институт
- 13 факультет
- 100 кафедра
- 3 колледж
- 1 гимназия
- 4 факультеттер аралык кафедра

Технопарктын курамында:

- Фундаменталдык илимдер институ;
- Ботаникалык бак;
- “Ысык-Көл” станциясы;
- Борбордук Азия менен Кытай маданиятын изилдөө ИИБ;
- Ф. Франкл атындагы ИИБ;
- Социологиялык борбор.

Аймактык окуу түзүмдүк бөлүктөр:

- Ош ш. Гуманитардык табигый илимдер факультети;

- Каракол ш.табигый илимдер факультети;
- Нарын ш.табигый илимдер факультети;
- Талас ш.табигый илимдер факультети.

Студенттер менен окуучулардын саны – 24 485, алардын ичинен 1300 бюджеттик бөлүмдө; 23 185 келишимдик негизде окуйт: 150 программа боюнча бакалавр, адистик, магистрлик, PhD докторлук билими берилет. Анын ичинен:

- 55 бакалавриат багыттары, окуу мөөнөтү 4 жана 5 жыл (күндүзгү, сырттан);
- 44 магистратура багыттары, окуу мөөнөтү 2 жана 2,5 жыл (күндүзгү, кечки жана сырттан);
- 7 адистиктер, окуу мөөнөтү 5 жана 6 жыл (күндүзгү, сырттан);
- 11 базалык докторантура PhD/профиль боюнча илимий-билим берүү программалары;
- 15 аспиранттар менен докторанттарды даярдоонун илимий багыттары;
- 16 орто кесиптик билим берүү адистиктери, окуу мөөнөтү 2 жана 3 жыл (күндүзгү, сырттан);
- 1 жалпы орто билим берүүнүн программасы, окуу мөөнөтү 2 жыл (10-11 класс);
- 1 эки дипломдуу бакалаврлык билим берүү программасы бар.
- 122 программа улуттук көз карандысыз аккредитациядан өткөн[4].

Жылдарга карата:

- 2019/2020-окуу жылында жалпы - 16 572 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 1 991 (эркек - 951, аял - 1 040) бакалавр - 11 783 (эркек - 4 864, аял - 6 919) адистик - 1 051 (эркек - 170, аял - 881) магистр жана докторантура программалары боюнча - 1 578 (эркек - 424, аял - 1 154) аспирантура боюнча - 169 (эркек - 40, аял - 129))* студент билим алышкан.
- 2020/2021-окуу жылында жалпы - 16 192 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 2 027 (эркек - 797, аял - 1 230) бакалавр - 11 433 (эркек - 4 528, аял - 6 905) адистик - 1 088 (эркек - 173, аял - 915), магистр жана докторантура программалары боюнча - 1 425 (эркек - 280, аял - 1 145) аспирантура боюнча - 176 (эркек - 42, аял - 134), Ph.D - 43 (эркек - 15, аял - 28))* студент билим алышкан.
- 2021/2022- окуу жылында жалпы - 16 444 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 2 207 (эркек - 1 019, аял - 1 188), бакалавр - 11 469 (эркек - 4*

[4] Ж. Баласагын атындагы КУУнун 2022-2027-ж.ж. түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планы

382, аял - 7 087), адистик - 1 019 (эркек - 162, аял - 857), магистр жана докторантура программалары боюнча - 1 529 (эркек - 408, аял - 1 121), аспирантура боюнча - 170 (эркек - 44, аял - 126), Ph.D - 50 (эркек - 24, аял - 26)) студент билим алышкан.

- 2022/2023-окуу жылында жалпы - 26 212 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 6 067 (эркек - 2 202, аял - 3 865), бакалавр - 16 348 (эркек - 4 077, аял - 12 271), адистик - 1 169 (эркек - 174, аял - 995) магистр жана докторантура программалары боюнча - 2 301 (эркек - 529, аял - 1 772), аспирантура боюнча - 208 (эркек - 67, аял - 141), Ph.D - 119 (эркек - 90, аял - 29))* студент билим алышкан.
- 2023/2024-окуу жылында жалпы - 26 036 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 6 021 (эркек - 2 229, аял - 3 792), бакалавр - 16 256 (эркек - 2 884, аял - 13 372), адистик - 1 264 (эркек - 151, аял - 1 113), магистр жана докторантура программалары боюнча - 2 285 (эркек - 666, аял - 1 619), аспирантура боюнча - 210 (эркек - 74, аял - 136)* студент билим алууда[5].

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде **бюджеттик бөлүмдө** окуган студенттердин саны жылдарга карата төмөндөгүдөй:

- 2019/2020-окуу жылында жалпы - 1 460 *(алардын ичинен: бакалавр - 1 170 (эркек - 92, аял - 1 078), адистик - 44 (эркек - 4, аял - 40), магистр жана докторантура программалары боюнча - 115 (эркек - 22, аял - 93), аспирантура боюнча - 131 (эркек - 28, аял - 103))* студент билим алышты.
- 2020/2021-окуу жылында жалпы студенттердин саны - 1 461 *(алардын ичинен: бакалавр - 1 075 (эркек - 201, аял - 874), адистик - 59 (аял - 59) магистр жана докторантура программалары боюнча - 186 (эркек - 28, аял - 158), аспирантура боюнча - 141 (эркек - 30, аял - 111))* студент билим алышкан.
- 2021/2022- окуу жылында жалпы - 1 436 *(алардын ичинен: бакалавр - 1 018 (эркек - 182, аял - 836) адистик - 74 (аял - 74) магистр жана докторантура программалары боюнча - 208 (эркек - 60, аял - 148), аспирантура боюнча - 136 (эркек - 30, аял - 106))* студент билим алышкан.
- 2022/2023-окуу жылында жалпы - 1 365 *(алардын ичинен: бакалавр - 964 (эркек - 334, аял - 630) адистик - 80 (эркек - 2, аял - 78) магистр жана докторантура программалары боюнча - 182 (эркек - 47, аял - 135), аспирантура боюнча - 139 (эркек - 29, аял - 110))* студент билим алышкан.

2023/2024-окуу жылында жалпы - 1 318 *(алардын ичинен: бакалавр - 943 (эркек - 292, аял - 651) адистик - 78 (эркек - 3, аял - 75) магистр жана докторантура программалары боюнча - 195 (эркек - 68, аял - 127), аспирантура боюнча - 102 (эркек - 22, аял - 80))* студент билим алууда[6].

[5] Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттик кадрлар бөлүмү - студенттеринин контингенти
[6] Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттик кадрлар бөлүмү - студенттеринин контингенти

Келишимдик бөлүмдө окуган студенттердин саны жылдарга карата төмөндөгүдөй:

- 2019/2020-окуу жылында жалпы - 15 112 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 1 991 (эркек - 951, аял - 1 040), бакалавр - 10 613 (эркек - 4 772, аял - 5 841), адистик - 1 007 (эркек - 166, аял - 841), магистр жана докторантура программалары боюнча - 1 463 (эркек - 402, аял - 1 061), аспирантура боюнча - 38 (эркек - 12, аял - 26))* студент билим алышкан.
- 2020/2021 - окуу жылында жалпы - 14 731 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 2 027 (эркек - 797, аял - 1 230), бакалавр - 10 358 (эркек - 4 327, аял - 6 031), адистик - 1 029 (эркек - 173, аял - 856), магистр жана докторантура программалары боюнча - 1 239 (эркек - 252 , аял - 987), аспирантура боюнча - 35 (эркек - 12, аял - 23), Ph.D - 43 (эркек - 15, аял - 28))* студент билим алышкан.
- 2021-2022-окуу жылында - 15 008 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 2207 (эркек - 1 019, аял - 1 188), бакалавр - 10 451 (эркек - 4 200 , аял – 6 251), адистик - 945 (эркек - 162, аял - 783), магистр жана докторантура программалары боюнча - 1 321 (эркек - 348, аял - 973), аспирантура боюнча - 34 (эркек - 14, аял - 20), Ph.D - 50 (эркек - 24, аял - 26))* студент билим алышкан.
- 2022/2023-окуу жылында жалпы - 24 847 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 6 067 (эркек - 2 202, аял - 3 865), бакалавр - 15 384 (эркек - 3 743, аял - 11 641), адистик - 1 089 (эркек - 172, аял - 917), магистр жана докторантура программалары боюнча - 2 119 (эркек - 482, аял - 1 637), аспирантура боюнча - 69 (эркек - 30, аял - 39), Ph.D - 119 (эркек - 90, аял - 29))* студент билим алышкан.
- Учурда 2023/2024-окуу жылында жалпы - 24 718 *(алардын ичинен: орто кесиптик - 6 021 (эркек - 2 229, аял - 3 792) бакалавр - 15 313 (эркек - 2 592, аял - 12 721), адистик - 1 186 (эркек - 148, аял - 1 038), магистр жана докторантура программалары - 2 090 (эркек - 598, аял - 1 492), аспирантура боюнча - 108 (эркек - 51, аял - 57))* студент билим алышууда[7].

Ж. Баласагын атындагы КУУнун **бүтүргөн студенттеринин саны *ж***ылдарга карата төмөндөгүдөй:

- 2019/2020-окуу жылында жалпы - 4 087 *(эркек - 1 647, аял - 2 392) (алардын ичинен: орто кесиптик - 748 (эркек - 335, аял - 413), бакалавр - 2 629 (эркек - 1 096, аял - 1 533), адистик - 122 (эркек - 43, аял - 79), магистр жана докторантура программалары боюнча - 540 (эркек - 173, аял - 367,) аспирантура боюнча - 48 (эркек -12, аял - 36))* студент бүтүргөн.
- 2020/2021-окуу жылында жалпы студенттердин саны - 3 688 *(эркек - 964, аял - 2 683) (алардын ичинен: орто кесиптик - 829 (эркек - 336, аял - 493),*

[7] Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттик кадрлар бөлүмү - студенттеринин контингенти

бакалавр - 2 103 (эркек - 414, аял - 1 689), адистик - 187 (эркек - 80, аял - 107), магистр жана докторантура программалары боюнча - 528 (эркек - 134 , аял - 394), аспирантура боюнча - 41 (эркек -8, аял - 33)) студент бүтүргөн.

- 2021/2022- окуу жылында жалпы - 3 486 *(эркек - 965, аял - 2 471) (алардын ичинен: орто кесиптик - 627 (эркек - 271, аял - 356), бакалавр - 2 187 (эркек - 455, аял - 1 732), адистик - 136 (эркек - 51, аял - 85), магистр жана докторантура программалары боюнча - 486 (эркек - 188, аял - 298), аспирантура боюнча - 50 (эркек -19, аял - 31))* студент бүтүргөн.
- 2022/2023-окуу жылында жалпы - 6 421 *(эркек - 1 875, аял - 4 490) (алардын ичинен: орто кесиптик - 3 049 (эркек - 1 031, аял - 2 018), бакалавр - 2 572 (эркек - 579, аял - 1 993), адистик - 147 (эркек - 49, аял - 98), магистр жана докторантура программалары боюнча - 597 (эркек - 216, аял - 381),аспирантура боюнча - 56 (эркек -37, аял - 56))* студент бүтүргөн[8].

Ж. Баласагын атындагы КУУнун **жалпы бүтүрүүчүлөрү жылдарга** карата:

- 2018/2019-жылдагы жалпы - 4 653 *(алардын ичинен: окуусун улантқандар орто кесиптик - 399, бакалавр - 2 591, магистр - 537);*
- 2019/2020-жылы жалпы - 4 979 *(алардын ичинен: окуусун улантқандар орто кесиптик - 431, бакалавр - 2 714, магистр - 546);*
- 2020/2021-жылы жалпы – 4 799 *(алардын ичинен: окуусун улантқардар орто кесиптик - 430, бакалавр - 2 821, магистр - 514);*
- 2021-2022-жылы жалпы - 4 493 *(алардын ичинен: окуусун улантқандар орто кесиптик - 430, бакалавр - 2 590, магистр - 458);*
- 2022/2023-жылы жалпы - 5 284 *(алардын ичинен: окуусун улантқандар орто кесиптик - 758, бакалавр - 2 351, магистр - 608)* бүтүрүүчү бүтүргөн[9].

Ж.Баласагын атындагы КУУда **ишке ашырылган мамлекеттик долбоорлордун** (проекттер) жалпы саны жылдаргы карата төмөндөгүдөй:

- 2019/2020-окуу жылында - 23
- 2020/2021-окуу жылында - 13
- 2021-2022-окуу жылында - 9
- 2022-2023-окуу жылында - 10
- 2023/2024-окуу жылында жалпы - 7[10].

Ж. Баласагын атындагы КУУнун **академиялык кызматкерлердин жарыяланган илимий макалалардын саны** жылдаргы карата төмөндөгүдөй:

---

[8] Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттик кадрлар бөлүмү - студенттеринин контингенти

[9] Ж. Баласагын атындагы КУУнун карьера жана практика борбору (Юридикалык институттун (юридикалык академия) жана Социалдык - гуманитардык илимдер институтунун бүтүрүүчүлөрүнүн саны камтылган эмес)

[10] Ж. Баласагын атындагы КУУнун фундаменталдык илимдер институту

- 2019-окуу жылында жалпы - 15 563 *(алардын ичинен: Elibrary.ru порталдагы - 972, РИНЦдеги - 827, РИНЦ ядросуна кирген басылмалардын саны - 20, журналдарда - 724, Scopus/Web of Science базасындагы - 10, RSCI журналдарына кирген - 8, ЖАКтын тизмесине кирген журналдардагы макалалар - 88, монографиялар - 3, патенттер - 2, чет элдик авторлор катышкан басылмалар - 55, Science Indexке катталган авторлор - 689, РИНЦке жүктөлгөн басылмалардын саны - 6 321, жыл ичиндеги басылмаларды көрүүлөрдү - 53 979)* түзгөн;
- 2020-окуу жылында жалпы - 21 494 (*алардын ичинен: Elibrary.ru порталдагы - 601, РИНЦдеги - 498, РИНЦ ядросуна кирген басылмалардын саны - 18 журналдарда - 425, Scopus / Web of Science базасындагы макалалар- 9, RSCI журналдарына кирген - 8, ЖАКтын тизмесине кирген журналдардагы макалалар - 48, монографиялар - 2, чет элдик авторлор катышкан басылмалар - 47, Science Indexке катталган авторлор - 716, РИНЦке жүктөлгөн басылмалардын саны - 7 055, жыл ичиндеги басылмалардын көрүүлөр - 79 318)* көрсөткөн;
- 2021-окуу жылында жалпы долбоорлордун саны - 20 670 *(алардын ичинен: Elibrary.ru порталдагы - 891, РИНЦдеги басылмалардын саны - 721, РИНЦ ядросуна кирген басылмалар - 18, журналдарда макалалар - 595, Scopus/Web of Science базасындагы макалалар - 10, RSCI журналдарына кирген макалалар - 7, ЖАКтын тизмесине кирген журналдардагы макалалар - 62, чет элдик авторлор катышкан басылмалар - 37, Science Indexке катталган авторлор - 734, РИНЦке жүктөлгөн басылмалардын саны - 8007, жыл ичиндеги басылмалардын көрүүлөр - 75 074)*;
- 2022-окуу жылында жалпы илимий макалалар - 17 883 *(алардын ичинен: Elibrary.ru порталдагы басылмалардын саны - 754, РИНЦдеги басылмалардын - 682, РИНЦ ядросуна кирген - 11, журналдарда - 604, Scopus/Web of Science базасындагы макалалар - 9, RSCI журналдарына кирген - 2, ЖАКтын тизмесине кирген журналдардагы макалалар - 41, монография - 1, чет элдик авторлор катышкан басылмалар - 38, Science Indexке катталган авторлор - 754, РИНЦке жүктөлгөн басылмалар - 8 769, жыл ичиндеги басылмалардын көрүүлөр - 75 971);*
- 2023-окуу жылында жалпы - 18 997 илимий макала *(алардын ичинен: Elibrary.ru порталындагы - 825, РИНЦдеги - 972, РИНЦ ядросуна кирген басылмалардын - 14, журналдарда - 593, Scopus / Web of Science базасындагы - 9, RSCI журналдарына кирген макалалар - 6, ЖАКтын тизмесине кирген журналдардагы макалалар - 51, монографиялар - 3,*

чет элдик авторлор катышкан басылмалар - 45, Science Indexке катталган авторлор - 854, РИНЦке жүктөлгөн басылмалар - 9 515, жыл ичиндеги басылмаларды көрүүлөр - 80 590) жарыяланган[11].

Таблица 1. КУУнун илимий макалаларды жарыялоо активдүүлүгү Россиянын илимий цитаталар индекси боюнча (РИНЦ)

№	Көрсөткүчтүн аталышы	Жылдар боюнча көрсөткүчтөр				
		2019	2020	2021	2022	2023
1	Elibrary.ru порталдагы басылмалардын саны	972	601	891	754	825
2	Ринцдеги басылмалардын саны	827	498	721	682	972
3	РИНЦ ядросуна кирген басылмалардын саны	20	18	18	11	14
4	Журналдарда макалалардын саны	724	425	595	604	593
5	Scopus / Web of Science базасындагы макалалардын саны	10	9	10	9	9
6	RSCI журналдарына кирген макалалардын саны	8	8	7	2	6
7	ЖАКтын тизмесине кирген журналдардагы макалалардын саны	88	48	62	41	51
8	Монографиялардын саны	3	2	0	1	3
9	Патенттердин саны	2	0	0	0	0
10	Чет элдик авторлор катышкан басылмалардын саны	55	47	37	38	45
11	Science Indexке катталган авторлордун саны	689	716	734	754	854
12	РИНЦКЕ жүктөлгөн басылмалардын саны	6321	7055	8007	8769	9515
13	Жыл ичиндеги басылмалардын көрүүлөрдүн саны	53979	79318	75074	75971	80590
14	Жыл ичинде жарыяланган жүктөмөлөрдүн (загрузок публикаций) саны	15563	21494	20670	17883	18997

Ж. Баласагын атындагы КУУнун академиялык кызматкерлеринин **эл аралык журналдарга жарыяланган макалаларынын саны** жылдаргы карата төмөндөгүдөй:

- 2020-жылы жалпы - 41 (*алардын ичинен: Scopus базасындагы журналдарга - 25, Web of Science базасындагы журналына - 16);*
- 2021-жылы жалпы - 45 (*алардын ичинен: Scopus базасындагы журналдарга - 27, Web of Science базасындагы журналына - 18);*
- 2022-жылы жалпы - 38 (*алардын ичинен: Scopus базасындагы журналдарга - 23, Web of Science базасындагы журналына - 15);*
- 2023-жылы жалпы - 84 (*алардын ичинен: Scopus базасындагы журналдарга - 63, Web of Science базасындагы журналына - 21);*
- 2024-жылы жалпы - 17 *алардын ичинен: Scopus базасындагы журналдарга - 14, Web of Science базасындагы журналына - 3)* макалалар жарыяланган.

Таблица 2. Эл аралык журналдарга жарыялоолор

№	Эл аралык журналдар	Жылдар боюнча көрсөткүчтөр				
		2020	2021	2022	2023	2024
1	Эл аралык (Scopus базасындагы) журналдар	25	27	23	63	14
2	Эл аралык (Web of Science базасындагы) журналдар	16	18	15	21	3

[11] Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий-метрикалык жана илимий изилдөөлөрдү уюштуруу бөлүмү

График 1. Скопус базасындагы макалаларга жарыялоо активдүүлүк динамикасы



Жылдарга карата **илимий долбоорлордун саны** төмөндөгүдөй:

- 2020-жылы жалпы - 34 илимий доолбор *(алардын ичинен: КУУнун ички гранттары - 3, билим берүү жана илим министрлигинин гранттары - 21, эл аралык - 10)* ишке ашырылган.
- 2021-жылы жалпы - 27 илимий доолбор *(алардын иченен: КУУнун ички гранттары - 7, билим берүү жана илим министрлигинин гранттары - 13, эл аралык - 7);*
- 2022-жылы жалпы - 27 илимий долбоор *(алардын ичинен: билим берүү жана илим министрлигинин гранттары - 9, эл аралык - 18);*
- 2023-жылы жалпы - 26 илимий долбоор *(алардын ичинен: Билим берүү жана илим министрлигинин гранттары - 10, эл аралык - 16)* ишке ашырылган[12].

Таблица 3. Жылдарга карата илимий долбоорлор

Илимий долбоорлор				
Жылдар	**КУУнун ички гранттары**	**ББжИМдин гранттары**	**Эл аралык**	**Жалпы**
2020	3	21	10	34
2021	7	13	7	27
2022	-	9	18	27
2023	-	10	16	26

Жылдарга карата түзүлгөн **эл аралык келишимдер** төмөндөгүдөй:

- 2020-жылы жалпы - 19 *(алардын ичинен: ЖОЖ - 19):*

[12] Ж. Баласагын атындагы КУУнун фундаменталдык илимдер институту жана илимий-метрикалык жана илимий изилдөөлөрдү уюштуруу бөлүмү

- 2021-жылы жалпы - 23 *(алардын ичинен: эл аралык уюмдар - 1, ЖОЖ - 22)*;
- 2022-жылы жалпы - 37 (*алардын ичинен: эл аралык уюмдар - 1, ЖОЖ - 36);*
- 2023-жылы жалпы - 59 *(алардын ичинен: эл аралык уюмдар - 1, ЖОЖ – 58;*
- 2024-жылы жалпы - 17 эл аралык келишим *(алардын ичинен: эл аралык уюмдар - 3, ЖОЖ - 14)* түзүлгөн.

Таблица 4. Жылдарга карата түзүлгөн эл аралык келишимдер

Эл аралык келишимдер:			
Жылдар	**Эл аралык уюмдар**	**ЖОЖдор**	**Жалпы**
2020	-	19	19
2021	1	22	23
2022	1	36	37
2023	1	58	59
2024	4	13	17

Ж. Баласагын атындагы КУУнун **окутуунун орточо төлөмү** жылдарга карата: (анын ичинен чет элдик жарандарды кошпогондо) 2020 - жылы - 33 800; 2021 - жылы - 34 400; 2022 - жылы - 35 100; 2023 - жылы - 36 600; 2024 - жылы - 36 100 кыргыз сомун түзгөн.

Таблица 5. КУУнун окутуунун орточо төлөмү

Жылдар	**Окуунун орточо төлөмү (чет элдик жарандарды кошпогондо)**
2020	33 800
2021	34 400
2022	35 100
2023	36 600
2024	36 100

Университеттин кирешелери жылдарга карата: 2020 - жылы - 500 966 690; 2021 - жылы - 585 713 540; 2022 - жылы - 730 134 659; 2023 - жылы - 918 168 958 кыргыз сомун түзгөн[13].

[13] Ж. Баласагын атындагы КУУнун пландоо-каржы бөлүмү

Таблица 6. Университеттин кирешелери

Жылдар	Кирешелер
2020	500 966 690
2021	585 713 540
2022	730 134 659
2023	918 168 958

Инвестициялар жылдарга карата: 2019 - жылы - 235,000; 2020 - жылы -197,100; 2021 - жылы - 364,000; 2022 - жылы - 674,800; 2023-жылы - 104 349,000 кыргыз сомун түзгөн.

Таблица 7. Университеттеги инвестициялар

Жылдар	**Инвестициялар**
2019	235,000
2020	197,100
2021	364,000
2022	674,800
2023	104 349,000

Ж. Баласагын атындагы КУУда жылдарга карата **эмгек акы**:

- 2020 - жылы *(алардын ичинен орточо эмгек акы - 14 769, максималдуу эмгек акы - 44 080, минималдуу эмгек акы - 4 250 сом);*
- 2021 - жылы (*алардын ичинен орточо эмгек акы - 14 905, максималдуу эмгек акы - 44 080, минималдуу эмгек акы - 4 250 сом);*
- 2022 - жылы *(алардын ичинен орточо эмгек акы - 19 855, максималдуу эмгек акы - 48 262, минималдуу эмгек акы - 7 540 сом);*
- 2023 - жылы *(алардын ичинен орточо эмгек акы - 23 565, максималдуу эмгек акы - 55 662, минималдуу эмгек акы - 10 290 сом);*
- 2024 - жылы *(алардын ичинен орточо эмгек акы - 26 549, максималдуу эмгек акы - 55 662, минималдуу эмгек акы - 10 290 сом)* түзгөн.

Таблица 8. КУУда жылдарга карата эмгек акы

Жылдар	Орточо эмгек акы	Максималдуу эмгек акы	Минималдуу эмгек акы
2020	14 769	44 080	4 250
2021	14 905	44 080	4 250
2022	19 855	48 262	7 540
2023	23 565	55 662	10 290
2024	26 549	55 662	10 290

Университеттин чыгымдары жылдаргы карата төмөндөгүдөй:

- 2020-жылы *(китеп сатып алууга орточо - 40 650, техникалык жабдыктарга - 4 449 242, курулуш, ремонт иштерине – 17297175);*
- 2021-жылы *(китеп сатып алууга орточо - 51 000, техникалык жабдыктарга - 8 127 729, курулуш, ремонт иштерине – 21823313*);
- 2022-жылы *(китеп сатып алууга орточо - 133 000, техникалык жабдыктарга - 53 970, курулуш, ремонт иштерине – 13562409);*
- 2023-жылы *(китеп сатып алууга орточо - 3903829, техникалык жабдыктарга - 29 748 215, курулуш, ремонт иштерине – 40719094)* чыгымды түзгөн[14].

Таблица 9. Университеттин чыгымдары жылдарга карата

Жылдар	Китеп сатып алууга орточо	Техникалык жабдыктарга (компьютердик)	Курулуш, ремонт иштерине
2020	40 650	4 449 242	1 707 766 674
2021	51 000	8 127 729	24 173 705
2022	133 000	1 246 140	12 553 837
2023	3903829	31 772 433	40719094
2024	-	-	-

Университеттин **финансылык мүмкүндүктөрү** жылдарга карата төмөндөгүдөй:

- 2020 - жылы *(мамлекеттик бюджет - 39 631 200, консолидацияланган бюджет - 540 597 890, атайын каражаттар - 500 966 690 сом);*
- 2021 - жылы *(мамлекеттик бюджет - 42 782 500, консолидацияланган бюджет - 628 496 040, атайын каражаттар - 585 713 540 сом);*
- 2022 - жылы *(мамлекеттик бюджет - 56 939 860, консолидацияланган бюджет - 787 074 520, атайын каражаттар - 730 134 660 сом);*
- 2023 - жылы *(мамлекеттик бюджет – 57 894 310, консолидацияланган бюджет - 976 063 267, атайын каражаттар - 918 168 957 сом);*
- 2024 - жылы *(мамлекеттик бюджет - 62 014 200, консолидацияланган бюджет - 1 312 014 200, атайын каражаттар - 1 250 000 000 сом);* сумманы түздү.

Таблица 10. Университеттин финансылык мүмкүндүгү

Жылдар	Мамлекеттик бюджет	Консолидацияланган бюджет	Атайын каражаттар
2020	39 631 200	540 597 890	500 966 690
2021	42 782 500	628 496 040	585 713 540

[14] Ж. Баласагын атындагы КУУнун пландоо-каржы бөлүмү

2022	56 939 860	787 074 520	730 134 660
2023	57 894 310	976 063 267	918 168 957
2024	62 014 200	1 312 014 200	1 250 000 000

КУУнун **жалпы кызматкерлери** жылдарга карата алсак,

- 2020 - жылы жалпы - 2 354 *(алардын ичинен: эркек - 684, аял - 1 659); чет өлкөлүк - 11 (алардын ичинен: эркек - 4, аял - 7) академиялык (окутуучу, доцент, профессор) - 1 803 (алардын ичинен: эркек - 500, аял - 1 303), административдик-башкаруу кызматкери - 151, (алардын ичинен: эркек - 63, аял - 88) окуу көмөкчү персоналы - 389 (алардын ичинен: эркек - 121, аял - 268));*
- 2021 - жылы жалпы - 2 286 *(алардын ичинен: эркек - 788, аял - 1 486), чет өлкөлүк - 12 (алардын ичинен: эркек - 3, аял - 9), академиялык (окутуучу, доцент, профессор) - 1 734 (алардын ичинен: эркек - 468, аял - 1 266), административдик-башкаруу кызматкери - 157 (алардын ичинен: эркек - 67, аял - 90), окуу көмөкчү персоналы - 383 (алардын ичинен: эркек - 253, аял - 130));*
- 2022 - жылы жалпы - 2 143 (*алардын ичинен: эркек - 524, аял - 1 603); чет өлкөлүк - 16 (алардын ичинен: эркек - 3, аял - 13) академиялык (окутуучу, доцент, профессор) - 1 630 (алардын ичинен: эркек - 427, аял - 1 203), административдик - башкаруу кызматкери - 164 (алардын ичинен: эркек - 57, аял - 107) окуу көмөкчү персоналы - 333 (алардын ичинен: эркек - 40, аял - 293));*
- 2023 - жылы жалпы - 1 988 *(алардын ичинен: эркек - 541, аял - 1 429), чет өлкөлүк - 18 (алардын ичинен: эркек - 1, аял - 17) академиялык (окутуучу, доцент, профессор) - 1 539 (алардын ичинен: эркек - 391, аял - 1 148), административдик-башкаруу кызматкери - 158 (алардын ичинен: эркек - 65, аял - 93), окуу көмөкчү персоналы - 273 (алардын ичинен: эркек - 85, аял - 188));*
- Учурда 2024-жылы жалпы - 2 598 *(алардын ичинен: эркек - 762, аял - 1 820), чет өлкөлүк - 16 (алардын ичинен: эркек - 4, аял - 12), академиялык (окутуучу, доцент, профессор) - 2 110 (алардын ичинен: эркек - 602, аял - 1 508), административдик-башкаруу кызматкери - 208 (алардын ичинен: эркек - 82, аял - 126), окуу көмөкчү персоналы - 264 (алардын ичинен: эркек - 78, аял - 186))* кызматкер эмгектенип келүүдө[15].

Таблица 11. КУУнун жалпы кызматкерлеринин саны

Ж.Баласагын атындагы КУУнун жалпы кызматкерлердин саны:					
Жылдар	Чет өлкөлүк	Академиялык (окутуучу, доцент, профессор)	Административдик-башкаруу кызматкери	Окуу көмөкчү-персоналы	Жалпы

[15] Ж. Баласагын атындагы КУУнун кадрлар башкармалыгы

	эркек	*аял*	*жалпы*	*эркек*	*аял*	*жалпы*	*эркек*	*аял*	*жалпы*	*эркек*	*аял*	*жалпы*	*эркек*	*аял*	*жалпы*
2020	4	7	11	500	1303	1803	63	88	151	121	268	389	684	1659	2354
2021	3	9	12	468	1266	1734	67	90	157	253	130	383	788	1486	2286
2022	3	13	16	427	1203	1630	57	107	164	40	293	333	524	1603	2143
2023	1	17	18	391	1148	1539	65	93	158	85	188	273	541	1429	1988
2024	4	12	16	602	1508	2110	82	126	208	78	186	264	762	1820	2598

КУУнун **академиялык кызматкерлеринин** саны жылдарга карата:

- 2020-жылы жалпы - 991 *(алардын ичинен: PhD - 2, илимдин кандидаты - 497, доцент - 319, илимдин доктору - 99, профессор - 74);*
- 2021-жылы жалпы - 980 *(алардын ичинен: PhD - 1, илимдин кандидаты - 476, доцент - 313, илимдин доктору - 110, профессор - 80*);
- 2022-жылы жалпы - 941, *(алардын ичинен: PhD - 1, илимдин кандидаты - 459, доцент - 310, илимдин доктору - 102, профессор - 69);*
- 2023-жылы жалпы - 925 *(алардын ичинен: PhD - 3; илимдин кандидаты - 444; доцент - 304; илимдин доктору - 105, профессор - 69)* түзгөн.

Учурда 2024-жылы жалпы - 1 127 кызматкер *(алардын ичинен: 3 PhD, 555 илимдин кандидаты, 343 доцент, 139 илимдин доктору, 87 профессор)* эмгектенип келүүдө.

Таблица 12. КУУнун академиялык кызматкерлеринин саны жылдарга карата

Ж.Баласагын атындагы КУУнун академиялык кызматкерлеринин саны:						
Жылдар	**PhD**	**Илимдин кандидаты**	**Доцент**	**Илимдин доктору**	**Профессор**	**Жалпы**
2020	2	497	319	99	74	991
2021	1	476	313	110	80	980
2022	1	459	310	102	69	941
2023	3	444	304	105	69	925
2024	3	555	343	139	87	1 127

Университеттеги сыйлыктар боюнча жылдарга карата: 2022 - жылы -2; 2023 - жылы - 10; 2024 - жылы - 1 мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган[16].

[16] Ж. Баласагын атындагы КУУнун кадрлар башкармалыгы

Таблица 13. Университеттеги сыйлыктар

Жылдар	Мамлекеттик сыйлыктар	Эл аралык сыйлыктар	Жалпы (саны)
2022	2	-	2
2023	10	-	10
2024	1	-	1

3. Методика

Бул бөлүмдө изилдөөнүн проблемасы же суроосу, максаты жана маанилүүлүгү, дизайны, маалыматтарды топтоонун ыкмалары, маалыматтарды талдоо процедураларына токтолуп баяндалды.

A. Изилдөөнүн проблемасы же суроосу

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына андагы академиялык, административдик жана окуу көмөкчү персоналдарынын канааттануу портрети кандай?

Заманбап университеттин башкаруу структурасында эффективдүү чечимдерди кабыл алуу үчүн кеңири колдонулуп келе жаткан дал ушундай изилдөөлөрдүн жыйынтыктары канчалык маанилүү?

B. Изилдөөнүн максаты жана маанилүүлүгү

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына андагы академиялык, административдик жана окуу көмөкчү персоналдарынын канааттануу портретин аныктоо. Окуу жайдын башкаруу структурасында эффективдүү чечимдерди кабыл алуу үчүн изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде көңүл бурулуусу керек болгон иштердин уюштурулушун жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

C. Изилдөөнүн дизайны

Бул изилдөөдө академиялык, административдик жана окуу көмөкчү персоналдарынын канааттануусун аныктоо үчүн төмөндөн - жогору (1-таптакыр канааттандырбайт, 2-канааттандырбайт, 3-орто, 4-канааттандырат, 5-толук канааттандырат) баалоо даражасында талдоого багытталды.

График 2. Канааттануу даражасы

КАНААТТАНУУ
ДАРАЖАСЫ
1
таптакыр канааттандырбайт
2
канааттандырбайт
3
орто
4
канааттандырат
5
толук канааттандырат

Кыргыз улуттук университети тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар катары төмөндөгү нюанстардын негизинде канааттануу абалы талданды: уюмдун ички түзүмү; окуу процесси; иштеген кафедранын, билим берүү программасынын студенттери; карьера; илимий китепкана; медициналык пункт; корпустун ички жана тышкы абалы; жатаканалар; корпустун ашканасы; интернет тейлөө кызматы; КУУнун социалдык тармактарда чагылдырылышы; басма кызматы;

График 3. Канааттануу нюанстары



университет - уюм катары; уюмдук (корпоративдик) иденттүүлүк; университеттин ректорунун ишмердүүлүгү; ишмердүүлүктөр жана сунуштар.

D. Маалыматтарды топтоонун ыкмалары

Бул изилдөөдө сандык метод анын ичинде онлайн-сурамжылоо аркылуу маалымат чогултулду. Изилдөөнүн объектиси болгон академиялык, административдик жана окуу көмөкчү персоналдарынын КУУ тарабынын көрсөтүлүүчү кызматтарга канааттануу даражалары боюнча логикалык ирээттүүлүкө ылайык 16 бөлүмчө жана социалдык-сатистикалык суроодон турган сурамжылоо (анкета) түзүлдү.

Изилдөөнүн максаттуу тобу 2023/2024-окуу жылынын жазгы семестринде эмгектенип жаткан академиялык, административдик жана окуу көмөкчү персоналдарына багытталып, тандоонун пландаштырылган көлөмү 759 респондентти түздү. Изилдөөгө КУУнун Ош ш. гуманитардык табигый илимдер факультети, Каракол, Нарын, Талас шаарларындагы табигый илимдер факультеттери камтылган жок.

E. Маалыматтарды талдоо процедуралары

Маалыматтарды киргизүү жана анализдөө IBM SPSS (Statistical Package for the Social Sciences) 22, атайын сандык маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо үчүн статистикалык пакеттик программа аркылуу 95% ыктымалдуулук жана катасы 5% га чейин жол коюлган маалыматтар топтолуп талданды.

Бул этап бир нече компоненттерден турат:

- Google Forms платформасынан топтолгон маалымат базаларын Microsoft Excel программасына көчүрүү;
- маалыматтарды код менен белгилөө;
- маалыматтарды киргизүү үчүн матрицаны түзүү;
- программа аркылуу атайын жыштык жана кайчы таблицаларды түзүү;

КУУдагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн респонденттердин сунуштары кошо берилип ачкыч сөздөр аркылуу талданды.

4. Анализ жана жыйынтыктары

Бул изилдөөгө жалпы 759 респондент катышты. Алардын ичинен жынысы боюнча 613 аялдар (80,8%), 144 эркектер (19,0%) түзөт.

Жаш курагы боюнча: 29 жашка чейинкилер (10,8%), 29-39 аралыгында (23,8%), 40-49 жашта (27,9%), 50-59 аралыгында (19,1%) жана 60 жаш курагынан жогорулар (18,2%).

Жалпы иш стажы боюнча караганда, 1-2 жыл (7,1%), 3-10 жыл (14,4%), 11-20 жыл (26,4%), 21-30 жыл (15,4%) жана 40 жылдан көп иш стажы барлар (13,4%).

КУУда иштөө стажы боюнча: 1-2 жыл (16,6%), 3-5 жыл (8,2%), 6-10 жыл (9,1%), 11-15 жыл (21,7%), 16-25 жыл (22,4%), 26-30 жыл (9,2%) жана 31 жылдан көп иштегендер (12,6%) түзөт.

Изилдөөгө окуу жайызбызда иштеген персоналдардан академиялык (окутуучу, доцент, профессор) кызматкер (86,3%), административдик-башкаруу кызматкери (6,3%) жана окуу көмөкчү-персоналы (7,2%) катышкан.

Респонденттердин билими, илимий даража, илимий наамына карата бакалавриат (3,2%), адистик/специалитет (27,0%), магиструра (32,1%), PhD

(1,8%), илимдин кандидаты доцент (25,6%), доцент (4,7%), илимдин доктору (3,3%) жана профессор (2,1%) түзөт.

Институт/факультеттер боюнча Тарых жана чөлкөм таануу институту (7,1%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (5,3%), Журналистика жана коммуникация институту (3,8%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (3,2%), Кыргыз-кытай институту (5,7%), И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (3,8%), Экономика жогорку мектеби (4,2%), А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту (3,8%), Юридика институту (12,8%), Математика жана информатика факультети (2,0%), Физика жана электроника факультети (4,6%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (3,0%), Биология факультети (1.8%), География, экология жана туризм факультети (1,8%), Кыргыз филологиясы факультети (4,6%), Орус жана славян филологиясы факультети (3,3%), Чет тилдер факультети (4,7%), Кыргыз-Европа факультети (4,7%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (4,1%), Медициналык факультет (1,6%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети (1,4%), Кесиптик колледж (4,0%) жана Юридикалык колледж (8,6%) катышкан (төмөндөгү таблица).

Таблица 14. Респонденттердин жалпы профили

Жынысы		
	Жыштык *(Frequency)*	**% *(Percent)***
Аял	613	80,8
Эркек	144	19,0
Жалпы	757	99,7
Missing s. (жооп берилбеген)	2	,3
Жашы		
-29	82	10,8
29-39	181	23,8
40-49	212	27,9
50-59	145	19,1
60+	138	18,2
Жалпы	758	99,9
Missing s. (жооп берилбеген)	1	,1
Жалпы иш стажы (жыл)		
1-2	54	7,1
3-10	109	14,4
11-20	200	26,4
21-30	176	23,2
31-40	117	15,4
40+	102	13,4

Жалпы	758	99,9
Missing s. (жооп берилбеген)	1	,1
КУУда иштөө стажы (жыл)		
1-2	126	16,6
3-5	62	8,2
6-10	69	9,1
11-15	165	21,7
16-25	170	22,4
26-30	70	9,2
31+	96	12,6
Жалпы	758	99,9
Missing s. (жооп берилбеген)	1	,1
КУУда Сиз?		
Академиялык (окутуучу, доцент, профессор) кызматкер	655	86,3
Административдик-башкаруу кызматкери	48	6,3
Окуу көмөкчү-персоналы	55	7,2
Жалпы	758	99,9
Missing s. (жооп берилбеген)	1	,1
Билимиңиз, илимий даражаңыз, илимий наамыңыз?		
Бакалавриат	24	3,2
Адистик/специалитет	205	27,0
Магиструра	244	32,1
Ph.D	14	1,8
Илимдин кандидаты, доцент	194	25,6
Доцент	36	4,7
Илимдин доктору	25	3,3
Профессор	16	2,1
Жалпы	758	99,9
Missing s. (жооп берилбеген)	1	,1
Факультет/институт?		
Тарых жана чөлкөм таануу институту	54	7,1
Социалдык-гуманитардык илимдер институту	40	5,3
Журналистика жана коммуникация институту	29	3,8
Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту	24	3,2
Кыргыз-кытай институту	43	5,7
И.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту	29	3,8
Экономика жогорку мектеби	32	4,2
А.Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту	29	3,8
Юридика институту	97	12,8
Математика жана информатика факультети	15	2,0
Физика жана электроника факультети	35	4,6
Химия жана химиялык технологиялар факультети	23	3,0
Биология факультети	14	1,8
География, экология жана туризм факультети	14	1,8

Кыргыз филологиясы факультети	35	4,6
Орус жана славян филологиясы факультети	25	3,3
Чет тилдер факультети	36	4,7
Кыргыз-Европа факультети	36	4,7
Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети	31	4,1
Медициналык факультет	12	1,6
Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети	11	1,4
Кесиптик колледж	30	4,0
Юридикалык колледж	65	8,6
Жалпы	**759**	**100,0**

Уюмдун ички түзүмү

Изилдөөнүн жыйынтыктарына карай турган болсок, профессордук окутуучулук курамдын кесипкөйлүгүнө канааттануу даражасы позитивдүү, башкача айткада *“канааттанадырат-толук канааттандырат”* (44-35%) интервалында (төмөндөгү график).

График 4. Профессордук окутуучулук курамдын кесикөйлүгүнө канааттануу абалы

Институт/факультеттер боюнча профессордук окутуучулук курамдын кесипкөйлүгү “ортодон-жогору” позиттивдүү интервалында. Алсак, *“толук канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Орус жана славян филологиясы факультети (68,0%), Кыргыз-кытай институту (62,8%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (54,5%), Физика жана электроника факультеттери (40,0%).

Ошондой эле *“канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Математика жана информатика (60,0%), Медицина факультети (58,3%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (58,1%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (56,5%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (52,5%), Журналистика жана коммуникация институту институту жана И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (51,7%), Юридикалык колледж (50,8%), Экономика жогорку мектеби (50,0%), Тарых жана чөлкөм таануу институту жана Кыргыз-Европа факультети (44,4%), Юридика институту (44,3%), Кесиптик колледж (43,3%), География, экология жана туризм факультети жана Кыргыз филология факультети (42,9%), А.Асанова атындагы менеджмент институту (41,4%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (37,5%), Чет тилдер факультети (36,1%), Биология факультети (35,7%).

График 5. Институт/факультеттердин профессордук окутуучулук курамдын кесикөйлүгүнө канааттануусу

Маалыматтык технологиялык коомдо өзгөчө билим берүү сферасында Кыргыз улуттук университетинде окутуучулардын санариптик компетенцияларын *“канааттандырат”* (45%) жана *“орто”* (27%) интервалын да баалашкан (төмөндөгү график).

График 6. Окутуучулук курамдын санариптик компетенцияларына канааааттануу абалы

Окутуучулук курамдын санариптик компетенцияларынын деңгээлине институт/факультеттер боюча бөлүп карасак, *“толук канааттандырат”* пайыздык көрсөткүчү башка факультет, институттарга салыштырмалуу жогору көрсөткөн төмөндөгүлөр: Кыргыз-кытай институту (51,2%) жана Орус жана славян филологиясы факультети (44,0%).

Ошондой эле *“канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр: Математика жана информатика факультети (66,7%), Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультети (63,6%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (58,1%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (56,5%), И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (55,2%), Экономика жогорку мектеби (53,1%), Тарых жана чөлкөм таануу институту жана Медициналык факультет (50,0%), Кыргыз-Европа факультети (47,2%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (45,8%), Кыргыз филологиясы факультети (45,7

%), Юридика инситтуту (45,4%), Кесиптик колледж (43,3%), География, экология жана туризм факультети (42,9%), Физика жана электроника факультети (42,9%), Биология факультети (42,9%), Юридикалык колледж (43,1%).

Ал эми институт/факультеттер боюнча окутуучулук курамдын санариптик компеценциялары *“орто”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Социалдык-гуманитардык илимдер институту (45,0%), Чет тилдер факультети (41,7%), Журналистика жана коммуникация институту институту (41,4%), А. Асанова атындагы менеджмент институту (37, 9%).

График 7. Институт/факультеттер боюнча окутуучулук курамдын санариптик компетенцияларына канааттануу



Коллективдик эмгек мамилелери же башкача айтканда уюмдун ичиндеги коммуникация *“канааттандырат-толук канааттандырат”* позиттивдүү (38-34%) интервалын көрсөтөт (төмөндөгү график).

График 8. Коллективдеги эмгек мамилелерди уюштуруу структурасынын сапатына канааттануу абалы

Коллективдеги эмгек мамилелерди уюштуруу структурасын сапаты боюнча институт/факультеттер боюча карасак, *“толук канааттандырат”* позиттивдүү жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Орус жана славян филологиясы факультети (64,0%), Кыргыз-кытай институту (60,5%), И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (48,3%), Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультети (45,5%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (43,5%), Кыргыз-Европа факультети (38,9%), А. Асанова атындагы менеджмент институту (37,9%), Экономика жогорку мектеби (37,5%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (33,3%).

Ошондой эле, *“канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Медициналык факультет (66,7%), Математика жана информатика факультети (53,3%), Кесиптик колледж (50,0%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (48,4%), Тарых жана чөлкөм таануу институту (40,7%), Физика жана электроника факультети (40,0%),

Журналистика жана коммуникация институту институту (48,3%), Кыргыз филологиясы факультети (42,9%), Юридикалык колледж (40,0%), Юридика институту (39,2%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (37,5%), География, экология жана туризм факультети (35,7%), Чет тилдер факультети (27,8%).

Ушул эле суроодо, *“орто”* пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу жогору көрсөткөн Биология факультети (28,6%) болгон.

График 9. Институт/факультеттер боюнча коллективдеги эмгек мамилелерди уюштуруу структурасынын сапатына канааттануу

Уюмдун түзүмүндө андагы эң маанилүү элемент - корпоративдик маданияттын мыкты уюштурулушу. Ал эми изилдөөдө университет уюм катары андагы корпоративдик маданиятка уюмдун мүчөлөрүнүн канааттануу даражасы жалпы картинадан караганда *“канааттандырат-толук канааттандырат”* (38-32%) позитивдүү көрсөткүчтө (төмөнкү график).

График 10. Корпоративдик маданиятка канааттануу абалы

Институт/факультеттер боюнча корпоративдик маданияты *“ортодон жогору”* позитивдүү интервалында. Алсак, *“толук канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Кыргыз-кытай институту (69,8%), Орус жана славян филологиясы факультети (64,0%), Медицина факультети (50,0%), И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (48,3%), Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультети (45,5%), Юридика колледж (41,5%), Экономика жогорку мектеби (40,6%).

Ошондой эле *“канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Математика жана информатика факультети (60,0%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту жана Кыргыз-Европа факультети (50,0%), Физика жана электроника факультети (48,6%), Тарых жана чөлкөм таануу

Билим берүүнүн сапатын жакшыртууда окуу жүгүнүн көлөмүн азайтып, айлык акыны жогорулатып, техникалык базаны, компьютер, интернет желелерин жакшыртуу керек. Корпустардын ичин ремонт кылып, жаңы мебелдерге алмаштыруу кажет.

Коррупция, трайбализмден арылуу.

Жаңы технологияларды колдонуу менен аудиторияларды жабдуу, бүгүнкү күндүн талабына жараша жакшыртуу, жаңылануулар керек! Айлык маселесин көбөйтүү керек!!!

Сапатты жогорулатыш үчүн ректорго эркиндик бериш керек. Башкача айтканда, кадрлык маселелерди чечүүгө сырттан көрсөтмө болбошу керек. Азыр карасаңыз айланасында майда сектордон жогорку секторго чейинки блокто бири-бирине чырмалышкан парашют менен түшкөндөр олтурушат. Булар өмүр бою бири-бирин гана эмес, «мактоо сөз» айтсаң өз киши, «каршы сөз» айтсаң жат киши деген кул мүнөздүк принципте өмүр сүрүп келе жаткан пенделер. Ректордун айрым орун басарлары ишти ойломок турсун ошол жерде кландык системаны орнотуп, ошолордун маселесин чечүү менен алек. Айрым манбаш эт менен челдин ортосунда жүргөн түзүмдөрдүн жетекчилерине түнү бою кеңеш берип, түзүмдүн ишин өнүктүрбөй жаткан көр башылар ректордун тегерегинде олтурушат. Буларды тазалап, реформа кылыш үчүн майтарылбас эрк болуш керек.

Айлык маянаны көтөрүү. Академиялык мобилдүүлүктү активдештирүү.

1. Сабак учурунда окуу процессие координациялоо бөлүмүнөн текшерүүчү диспетчерлер алынып салынсын. Маданияты төмөн, ЖОЖдун окутуучу илимпоздорунун жеке аброюна шек келтирген учурлар көп.
2. Окутуучунун окуу, окуу-методологиялык, илимий ишмердүүлүгү боюнча ректорго түз байланышууга чыгуу шарты түзүлүш керек.
3. Тилдик курстар, квалификацияны жогорулатуу курстары акысыз өткөрүлүшү зарыл.
4. Магистратурада чет элдик жарандарды кабыл алууда чектөө коюлбашы керек.
5. Магистрдик иштердин аткарылышы, жакталышы, антиплагиаттан өтүшү да көзөмөлгө алынышы керек, сабактар РУП боюнча так өтүшү керек.

Сунуш көп. Мисалы, жумушту бир эле кишиге жүктөй беришпей, бөлүп берип иштетиш керек деп ойлойм. Ректор ар бир кызматкерди, окутуучуларды түз кабыл алуусу үчүн атайын күн белгилениши керек ко. РУПтарды түзүү, катуу көзөмөлгө алынышы керек жана аны декан өзү жеке түзүшү керек, кафедралар эмес.

Экзамен оозеки болсо..

Материалдык базаны күчөтүү керек деп эсептейм. Ошону менен катар окуу жүгүндөгү саат эсебин азайтса жакшы болмок.

Чет тилдер факультети

Меньше бумажных дел. Создавать условия для преподавателей. Обычно только требуют от преподавателей, но не оказывают помощь. Сократить бестолковых проверок со стороны руководство и т.п.д. Проверять нагрузку преподавателей (бывает так ,что одни преподаватели ведут только активные занятия а другие берут на целый год пассивные часы. Однако,такие преподаватели тоже получают те же самую зарплату. Строго проверить баланс между активными и пассивными часами в нагрузках. У нас есть преподаватели которые как минимум 5 лет берут пассивные часы и так себе работают.

Перейти на современ метод обучения.

Повысить з.п преподавателям и уменьшить нагрузку оборудовать аудитории (чистая и большая доска, маркеры, компьютер, проектор) и создать блогаприятные атмосферу для учёбу и работы такие как чистота и теплота.

Повысить заработную плату ППС, дать возможности заниматься наукой, а то все время выполнять практические часы и должностные обязанности лаборантов кафедры, сильно утомляет. В целом университет мой второй дом, я хочу чтоб наш университет процветал!

Обеспечить материально-техническую базу, учебники;
Отправлять преподавателей зарубеж для повышения квалификации;
Повысить заработную плату.

Улучшить условия работы, улучшить внутреннее состояние корпуса, отремонтировать полностью, обеспечить технической базой-проекторами, ноутбуками, комьютерами в каждой аудитории, интернетом в аудиториях, элементарное обеспечить теплом зимой, отопление отремонтировать, есть но не работает, повысить зарплату преподавателям, обеспечить ресурсами-книгами, предоставлять информации, приказы заблоговременно, а не поздно

Уменьшение количества часов учебной нагрузки и повышение зарплаты для того, чтобы появилась возможность повышать свою квалификацию и заниматься наукой.

Материалдык-техникалык каражаттардын сапатын жогорулатуу.

Прислушиваться к студентам и преподавателям. Продолжать развиваться в таком же духе , последние два года университет растет в лучшую сторону.

Для начала создать элементарные условия для обучения и работы. Такие как:
- отопление (всю зиму сидели мерзли в аудиториях и на кафедре в 5 корп);
- удобные аудитории для занятий, где есть нормального размера доска, маркер, удобные парты и стулья для студентов, вешалки для верхней одежды. Промолчу про техническое оснащение, понимаю, что это дорого, но надеюсь в скором будущем появятся компьютеры, ноутбуки, колонки и экраны;
- столовая с доступными ценами для студентов и преподавателей.
После создания этих условий, можно требовать каких-то результатов от студентов и ППС.

1. Чет тилдер факультетине адистерди тандоодо азыркы замандын талабына ылайык, жаңы технологияларды сабакта пайдалануу билген, өзүнүн билимин дайыма жогорулатып, эл аралык семинарларда тренинг өткөн, илимий конференцияларда докладдар менен катышкан адис экенин эске алыш керек;
2. Замандын талабына ылайык өзүнүн билимин өзү жогорулатып, жаңы тиркемелерди пайдалануу, Chat GPT, жасалма интеллектти колдонуп кызыктуу сабактары өтүү;
3.Окутуучулардын сааттарын азайтып, айлыктарын көбөйтүп, сапатты талап кылуу;
4. Бир эле убакытта 5-6 жерде иштегенине тыюу салуу. Анткени окутуучу сабакка даярданганына убакыты болбой калат;
5. Студенттердин сабак менен параллельно толук кандуу иштегенине тыю салуу. Студенттердин билим сапатын текшерүүгө кандайдыр бир механизмдерди ойлоп табуу, алардын окууга болгон кызыгууларын арттыруу, стимул берүү.

Уволить всех не проф. сотрудников, сделать ремонт во всех корпусах КНУ, не только главный!!!

Больше иностранных гостей в сфере науки.

5. Жыйынтыктар: мааниси жана таасири

“Ж. Баласагын атындагы КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо” аталышындагы изилдөө беш бөлүмдөн туруп, башкы бөлүмдөрүндө окуу жайдын кыскача тарыхы жана жалпы маалымат көрсөтүлгөн. Үчүнчү бөлүм изилдөөнүн методологиясында максаты, маанилүүлүгү, дизайны, маалыматтарды топтоонун ыкмалары, талдоо процедуралары берилди. Төртүнчү бөлүмдө анализ жана жыйынтыктар, бешинчи бөлүмдө жалпы жыйынтыктар менен корутундуланды.

Уюмдун түзүмүндөгү элеметтерди баалоо төмөндөгүдөй:

- окуу жайдын профессордук окутуучулук курамдын кесипкөйлүгүнө канааттануу даражасы позиттивдүү *“канааттанадырат-толук канааттандырат”* (44-35%). Ошондой эле сурамжылоонун сунуштар бөлүмүндө респонденттер *“профессордук кадрларды тандоодо алардын практикалык тажрыйбасын жана студенттер, коллектив менен иштөө жөндөмдүүлүгүн эске алууну”* сунуштаган.
- окутуучулук курамдын санариптик компетенцияларынын деңгээлине жалпысынан *“канааттандырат”* (45%), институт/факультеттер боюнча: Социалдык-гуманитардык илимдер институту (45,0%), Чет тилдер факультети (41,7%), Журналистика жана коммуникация институту (41,4%), А.Асанова атындагы менеджмент институту (37, 9%) *“орто”*.
- Коллективдик эмгек мамилелери же башкача айтканда уюмдун ичиндеги коммуникация *“канааттандырат-толук канааттандырат”* позиттивдүү (38-34%) интервалында. Институт/факультеттер боюнча Биология факультети (28,6%) *“орто”* баалашат.
- Уюмдун түзүмүндө андагы эң маанилүү элемент корпоративдик маданияттын мыкты уюштурулушу. Сурамжылоонун жыйынтыктарына таянсак, университет уюм катары андагы корпоративдик маданиятка уюмдун мүчөлөрүнүн канааттануу даражасы жалпы картинадан караганда *“канааттандырат-толук канааттандырат”* (38-32%). Ал эми *“канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү башка факультет, институттарга салыштырмалуу жогору көрсөткөн Биология факультети (35,7%).
- Ар бир уюмдун иштөөсүндө андагы эң маанилүү элемент моралдык-психологиялык климаттын позиттивдүү маанайда болушу прогрессивдүү, продуктивдүү өсүү багытына негизги элемент болот. Респонденттер КУУнун кызматкерлери катары бул жагдайга *“канааттандырат-толук канааттандырат”* (38-31%) позиттивдүү интервалында. Институт/факультеттер боюнча: Кесиптик колледж (36,7%), Чет тилдер

факультети (36,1%), Биология факультети (35,7%), Химия жана химиялык Юридикалык колледж (36,9%), технологиялар факультети (34,8%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (33,3%) *“орто”* канааттанат.

- Уюмдун иштөөсүндө кызматкерлерге сыйлык, стимул берүү маанилүү. Кызматкерлер университеттеги жетишилген ийгиликтерге *“канааттанат”* (32%) жана *“орто”* (28%) деңгээлинде. Ал эми башка институт/факультеттерден *“канааттандырбайт”* негативдүү пайыздык көрсөткүчү жогору көрсөткөн Кыргыз филологиясы (31,4%) жана *“таптакыр канаттандырбайт”* Биология факультети (42,9%). Респонденттер *“премия, сыйлыктарды КУУда иштеген мөөнөтүнө карабастан, аткарган жумушуна, жетишкендиктерине карата берилүүсүн”* сунуштаган.
- эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн материалдык стимулдарга канааттануу жапысынан *“орто”* (30%). *“канааттандырбайт”* деген негативдүү пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу жогору Кыргыз филологиясы факультети (40,0%) жана Кесиптик колледж (34,5%) болсо, ал эми *“таптакыр канаттандырбайт”* Чет тилдер (52,8%) жана Биология факультети (42,9%). Жаш өзгөчөлүктөрүнө карата: - 29 жаш (29,3%) *“канааттандырат”,* 29-39 (29,3%), 40-49 (35,1%), 50-59 (31,0%) жана 60 жаш курактан жогорулар (28,5%) *“орто”* канааттанат. Респонденттерге *“иштегенине жараша, же рейтингине жараша айлык акыларын көбөйтүүнү”* сунуштаган.

Окуу процессин төмөндөгүдөй баалашкан:

- уюштурулушу *“канааттандырат”* (38,7%) жана *“орто”* (29,1%).
- окуу-методикалык жана маалыматтык материалдар менен камсыздалышы боюнча жалпы канааттануу деңгээли *“канааттандырат”* (35,8%) жана *“орто”* (33,5%).
- сабактардын кезмети боюнча позиттивдүү, *“орто канааттандырат”* пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу жогору көрсөткөн Биология факультети.
- инновациялык, интерактивдүү методдор менен жабдылышын *“канааттандырат”* (31,1%) жана *“орто”* (32,7%) интервалында. Ал эми *“таптакыр канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу жогору көрсөткөн Чет тилдери (41,7%). Ал эми сунуштар бөлүмүндө *“компьютердик технологияны сабак өтүүдө колдонууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүү”* керектигин сунуштаган.

- сабактардын эл аралык стандарттарга дал келиши жалпысынан *“канааттандырат”* (38,7%). Ал эми *“орто канааттандырат”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр: Журналистика жана коммуникация (44,8%), Тарых жана чөлкөм таануу (38,9%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (37,5%), Биология (35,7%) жана Чет тилдер факультети (34,3%) (төмөндөгү график). Респонденттер *“окуу процессинде камтылган предметтерди терең талдап, айрым бир предметтерди азыркы замандын талабына жараша өзгөртүү”* керектигин сунуштаган.

Жогорку окуу жайы уюм катары анын ичиндеги билим берүү программаларында билим алып жаткандардын саны жана сапаты кандай деңгээлде экендигин аныктоо абдан маанилүү.

Билим берүү программаларындагы студенттерди баалоо төмөндөгүдөй:

- кесиптик колледждерде билим алып жаткан студенттердин сандык катышына жана билим сапатын жалпысынан *“канааттандырат”*.
- бакалавр программасында окуган студенттердин сандык катышы жана билим сапатын жалпы обзордон караганда *“канааттандырат”* деп баалашса, *“орто”* пайыздык көрсөткүчү жогору Биология факультети (50,0%) болгон.
- адистик программасындагы студенттердин сандык катышы боюнча *“канааттандырат”(*45,8%) оң көрсөткүч түзсө, *“орто”* баалаган: А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту (34,8%), География, экология жана туризм факультети (35,7%).
- магистр программасында окуган магистранттардын сандык катышы жана билим сапаты боюнча *“канааттандырат”*. Чет тилдер факультети (44,4%) билим сапатын *“орто”* деңгээлде баалайт.
- аспирант программасында окуган аспираттардын сандык катышы жана билим сапаты *“канаттандырат”, “канаттандырбайт”* негативдүү жообу жогору көрсөткөн Биология факультети (36,4%).

Ошонодой эле респонденттер өзгөчө сунуштар бөлүмүндө *“студенттердин билим сапатын текшерүүгө кандайдыр бир механизмдерди ойлоп табуу”*керектигин белгилешкен.

Карьера

- Университеттер билим, илим борборлору. Андагы академиялык персоналдар илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, илим айлампасына салым кошуу максатында эмгектенип тер төгөт. Изилдөөнүн жалпы жыйынтык обзорунда академиялык кызматкерлер илимий изилдөө долбоорлоруна

окуу жай тарабынан канчалык убакыт бөлүнөрүн эң көп пайызы *“орто”* (36%) жана *“канааттандырат”* (30%) деген. Ошондой эле, негативдүү *“канааттандырбайт”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөн А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту (31,0%) жана *“таптакыр канааттандырбайт”* салыштырмалуу жогору көрсөткөн Чет тилдер (50,0%) жана Биология факультеттери (42,9%).

- Илимий изилдөө долбоорлоруна финансылык колдоону жалпы *“орто”* (33%) баалашат. Институт/факультеттер боюнча карасак, *“таптакыр канааттандырбайт”* негативдүү жообуна эң көп пайызды көрсөткөн Чет тилдер факультети (47,2%) жана *“канааттандырбайт”* жообуна эң көп: География, экология жана туризм (50,0%), Химия жана химиялык технологиялар (39,1%), Биология факультети (35,7%), Экономика жогорку мектеби (34,4%), Кесиптик колледж (30,0%). Респонденттердин илимий даражаларына карата: бакалавр (45,8%), адистик (32,7%), магистратура (32,0%), илимдин кандидаты (33.0%), доцент (41.7%), илимдин доктору (36,0%), профессорлор (37,5%) *“орто”* канааттанатса, Ph.D даражасы барлар (42,9%) *“таптакыр канааттандырбайт”.*
- Окуу жайдын эл аралык илимий журналдарга жазылган макалаларга колдоого *“орто”* (30%) баалашат. Институт/факультеттер боюнча, *“канааттандырбайт”* негативдүү жообуна эң көп: Экономика жогорку мектеби (43,8%), Кыргыз филологиясы (42,9%) жана Чет тилдер факультети (30,6%).
- Илимий (симпозиум, конференция, семинар ж.б) иштерге катышууга убакыттын жетиштүүлүгүн жалпы обзордо *“орто”* (33%), *“таптакыр канааттандырбайт”* негативдүү жообуна эң көп пайызды көрсөткөн Чет тилдер факультети (36,1%) жана *“канааттандырбайт”* Биология факультети (35,7%).
- Илимий (симпозиум, конференция, семинар ж.б) иштерге катышууга финансылык колдоонун жетиштүүлүгүнө жалпысынан *“орто”* (33%). Ошондой эле, *“канааттандырбайт”* эң көп пайызды көрсөткөндөр: География, экология туризм (42,9%), Кыргыз филологиясы факультети (40,0%), Экономика жогорку мектеби (37,5%), Журналистика жана коммуникация институту (31,0%) жана *“таптакыр канааттандырбайт”* Чет тилдер (41,7%) жана Биология факультети (35,7%).
- Академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү боюнча жалпы ракурстан *“орто”* (32%) баалашат. Респонденттер *“мобилдүүлүктү күчөтүү”* керектигин сунуштар бөлүмүндө өзгөчө белгилеген.

Дал ушул нюанс абдан маанилүү. Анткени коом, анын ичинде уюмдун табийгый эволюциясынын логикасы - коом канчалык дифференциацияланган болсо,

ошончолук интеграцияланат. Тагыраак айтканда Э. Дюркгеймдин учурунан аныкталып ишке ашырылган ар түрдүүлүк мыйзамы коомдун, уюмдун өнүгүү тенденциясы. Сурамжылоонун жыйынтыктарына таянсак, академиялык мобилдүүлүк, сырткы уюмдар менен байланышты күчөтүү зарылдыгы максаттуу кадам.

- Квалификацияларды жогорулатуу программаларына жалпы обзордо *“орто”* (30%). пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу *“таптакыр канааттандырбайт”* жогору көрсөткөн Чет тилдер факультети (30,6%).
- окуу жайдын уюм катары андагы персоналдары чет тилдерди үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрү боюнча жалпы ракурстан *“орто”* (30%) баалашса, *“канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу жогору көрсөткөн Биология факультети (35,7%) жана Журналистика жана коммуникация институту (34,5%). Респонденттер *“окутуучулар үчүн чет тил үйрөтүү курстары (англис тили) уюштуруу; пикир алышуу клубдарын, чыгармачыл ийримдерин (бий, ораторлук чеберчилик, актёрлук чеберчилик, китеп окуу ж.б.)”; “тилдик курстар, квалификацияны жогорулатуу курстары акысыз өткөрүлүү”* сунушун беришкен.
- Кошумча билим берүү кызматы боюнча жалпы *“орто”* (31%). Негативдүү *“канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү башка институт/факультеттерге салыштырмалуу жогору көрсөткөн: А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту (41,4%), Кыргыз-Европа факультети (36,1%), Журналистика жана коммуникация институту (34,5%) жана Экономика жогорку мектеби (31,3%), түзсө, ал эми *“таптакыр канааттандырбайт”* эң көп Чет тилдер факультети (47,2%) болгон.
- Эмгек жүгүнүн бөлүштүрүлүшү боюнча жалпы обзордон *“канааттандырат”* (38%) позиттивдүү баалашат. Биология факультети (35,7%) *“канааттандырбайт”* жогору пайызы менен айрымаланат. Респонденттер *“профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө жүргүзүү ишмердүүлүгү үчүн көбүрөөк убакыт керек болгонуна байланыштуу окуу жүктөмүнүн нормасын азайтуу”* керектигин белгилешкен.
- Эмгек өргүү боюнча жалпы ракурстан “канааттандырат”.
- Эмгек акы боюнча жалпы обзор *“орто”* (36%) деңгээлинде. Ошондой эле, *“канаттандырбайт”* негативдүү жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр: Кыргыз-Европа (38,9%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (47,8%), Компьютердик технологиялар жана жасалма

интеллект (41,7%), Журналистика жана коммуникация (37,9%), А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту (34,5%), Кесиптик колледж (36,7%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (36,4%), Кыргыз филологиясы факультети (34,3%) түзсө, *“таптакыр канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү салыштырмалуу жогору Биология (50,0%) жана Чет тилдер факультети (47,2%). Жаш өзгөчөлүктөрүнө карата 40-49 жаштагылар (34,9%), илимий даражаларына карата илимдин докторлору (32,0%), *“канааттандырбайт”,* Ph.D даражасы барлар (50,0%) *“таптакыр канааттандырбайт”* деп негативдүү баалашкан. Бул жыйынтыка кошумча сурамжылоонун сунуштар бөлүгүндө бир топ институт/факультеттерден *“айлык акыны жогорулатуу керектигин”* абдан көп сунуштаган.

Демек, жыйынтыктар көрсөткөндөй эмгек акы боюнча канааттанбоо реалиясы үчүн жакынкы аралыкта материалдык стимулдун баръерине чара көрүлбөсө, уюмдун прогрессине олуттуу залакасын тийгизиши турган кеп.

Илимий китепкана

- илимий китепканын “жалпы абалы” (34,4%-41,4%) боюнча жооп берген же тагыраак айтканда *“орто-канааттандырат”.* Ph.D даражасы барлар (35,7%), доценттер (44,4%), *“орто”* канааттанат. Материалдардын (китептер, журналдар ж.б) жеткиликтүүлүгү боюнча илимий даражаларына карата: магистратура (39,3%), илимдин кандидаты, доценттер (35,1%), доцент (33,3%), профессорлор (37,5%) көпчүлүгү *“орто”* канааттанат.

Изилдөөнүн негизинде окуу жайыбызда **медициналык пункттун** иштөөсү анын инфраструктурасы, дегеле жалпы абалына респонденттер кандай канааттанат? жалпы абалы (39,5%-32,3%) боюнча *“орто-канааттандырат”* интервалында.

Корпустун ички жана тышкы абалы

- Коопсуздук кызматы боюнча респонденттер *“канааттандырат”* (32,8%) -*“орто”* (30,7%), *“таптакыр канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү салыштырмалуу жогору Чет тилдер факультети (44,4%).
- Корпустун унаа токтотуучу жайлары боюнча респонденттер жалпы обзордон *“орто”* (35%) канааттанышат. Ал эми *“канааттандырбайт”*: Математика жана информатика (46,7%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (39,1%), И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (37,9%), жана

“таптакыр канааттандырбайт” жообуна эң көп пайызды көрсөткөн Чет тилдер факультети (55,6%).

- Корпустардын жашылдандырылышы боюнча жалпысынан *“канааттандырат”* (34%).
- Окуу жайдагы корпустардын фасады боюнча жалпы обзордон канааттануу абалы позитивдүү *“канааттандырат”* (33%). *“Канааттандырбайт”* негативдүү жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Биология факультети (42,9%) жана *“таптакыр канааттандырбайт”* Чет тилдер факультети (36,1%)[28].
- Изилдөөнүн журүшүндө респонденттерге иштеген корпустун ремонту боюнча атайын суроо берилген. Жалпы обзодо *“орто”* (32%) жообунун көрсөткүчү жогору. *“канааттандырбайт”* негативдүү жообуна эң көп пайызды көрсөткөндөр: География, экология туризм факультети (35,7%), Экономика жогорку мектеби (34,4%) жана *“таптакыр канааттандырбайт”* салыштырмалуу жогору: Чет тилдер (50,0%) Биология факультети (42,9%) болгон[29].
- Корпустардын санитардык-гигиеналык абалы боюнча жалпысынан *“орто”* (34%). Чет тилдер факультети (55,6%) *“таптакыр канааттандырбайт”* эң көп пайызды көрсөткөн[30].
- Университеттеги конгресс, жыйналыш залдарына жалпы *“канааттандырат”* (33%). Факультет, институттарга салыштырмалуу *“таптакыр канааттандырбайт”* пайыздык көрсөткүчү Чет тилдер (47,2%) жана Биология факультети (35,7%) жогору[31].
- Аудиториялардын ремонту боюнча жалпысынан *“орто”* (34%). Салыштырмалуу жогору *“канааттандырбайт”* негативдүү жообуна Социалдык-гуманитардык илимдер институту (27,5%) жана *“таптакыр канааттандырбайт”* жообуна эң көп пайызды көрсөткөн Чет тилдер (66,7%) жана Биология факультети (35,7%) [32]. Академиялык (окутуучу, доцент, профессор) кызматкерлери (34,0%) жана административдик-башкаруу кызматкерлери (37,5%), окуу көмөкчү-персоналдары (36,4%) *“орто”*, окуу көмөкчү-персоналдары (25,5%)*“канааттандырбайт”.*
- Аудиториялардагы эмеректерди жалпысынан *“орто”* (35%) баалашат. *“канааттандырбайт”* салыштырмалуу жогору: Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (38,7%) жана Социалдык-гуманитардык

[28] “канааттандырбайт” жообундагы корпустар: 5-6-8
[29] “канааттандырбайт” жообундагы корпустар: 5-6а-6-8
[30] “канааттандырбайт” жообундагы корпус: 5
[31] “канааттандырбайт” жообундагы корпустар: 5-6
[32] “канааттандырбайт” жообундагы корпустар: 5-6а-6

илимдер институту (30,0%), *“таптакыр канааттандырбайт”* Чет тилдер факультети (58,3%) болгон[33].

- Аудиториялардын жылуулугуна канааттануу деңгээли жалпысынан *“орто”* (31%). Журналистика жана коммуникация институту (41,4%), Физика жана электроника (40,0%), География, экология жана туризм (35,7%), Биология (35,7%), Кыргыз филологиясы факультети (28,6%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (27,5%) аудиториялардын жылуулугуна *“канааттандырбайт”* жана Чет тилдер факультети (58,3%) жана Экономика жогорку мектеби (37,5%) *“таптакыр канааттандырбайт”*[34]. Респонденттер өзгөчө *“кышында жылуулук менен камсыз кылуу”* сунушун беришкен.
- Аудиториялардын санитардык-гигиеналык абалы боюнча жалпы *“орто”* (34%). Экономика жогорку мектеби (40,6%) жана Социалдык-гуманитардык илимдер институту (32,5%) *“канааттандырбайт”* жана Чет тилдер факультети *“таптакыр канааттандырбайт”* (44,4%)[35]. Респонденттер өзгөчө сунуштар бөлүмүндө *“санитардык-гигиеналык эрежелерди толук сактоону”* сунушташкан.
- Лабораториялардын ремонту боюнча жалпысынан респонденттер *“орто”* (38%) канааттандырат. Чет тилдер факультети (50,0%) жана И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (27,6%) *“таптакыр канааттандырбайт”*[36].
- Лабораториялардын жылуулугу боюнча респонденттер жалпысынан *“орто”* (36%) канааттанышат. Биология (35,7%) жана Физика жана электроника факультети (34,3%) *“канааттандырбайт”*, Чет тилдер факультети *“таптакыр канааттандырбайт”* (44,4%)[37].
- Лабораториялардын керектүү жабдыктар мнен жабдылышы боюнча жалпысынан *“орто”* (37%). И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту (37,9%) жана Биология факультети (35,7%) *“канааттандырбайт”,* Чет тилдер факультети (50,0%) *“таптакыр канааттандырбайт”*[38]. КУУ да иштеген жалпы кызматкерлердин стажына карата 16-25 жыл иштегендер (23,5%), *“канааттандырбайт”.* Респонденттер өзгөчө сунуштар бөлүмүндө *“лабораторияларды керектүү жабдыктар менен камсыздоо”* керектигин сунуштаган.

[33] канааттанбаган корпустар: башкы имарат жана 5
[34] канааттанбаган корпустар: башкы имарат жана 5, 6, 8
[35] канааттанбаган корпустар: 5, 8
[36] канааттанбаган корпустар: 5, 6а
[37] канааттанбаган корпустар: 5, 6
[38] канааттанбаган корпустар: 5, 6, 6а

- Лабораториялардын санитардык-гигиеналык абалы боюнча жалпысынан *“орто”* (38%). Чет тилдер факультети (44,4%) *“таптакыр канааттандырбайт”* салыштырмалуу жогору [39].
- Респонденттер иштеген корпустарынын жалпы абалы боюнча *“орто”* (37%) канааттанышат.
- Жатаканалардын “жеткиликтүүлүгү” боюнча (40,8%), “жашоо акысы” (43,2%-30,4%), “жашоо шарты, ремонту” (43,9%), “санитардык-гигиеналык абалы” (42,8%-30,8%), “жатаканалардын директору” (37,0%-33,9%), “комендanttар” (37,7%-33,3%), “техникалык кызматкерлер” (35,7%-36,5%) *“канааттандырат”* деп баалашкан. Жатаканалардын жалпы абалы КУУда иштеген жалпы кызматкерлердин стажына карата: 11-20 (44,0%), 21-30 (50,0%), 31-40 (51,3%) жана 40 жылдан көп иштегендер (47,1%) *“орто”*канааттанат.
- Окуу жайдын корпустарынын ашкана кызматынын иштөөсү анын инфраструктурасы дегеле жалпы абалына респонденттер *“орто-канааттанат”*. Өзгөчө 20,6%ы айрым корпустарда ашканалардын таптакыр жоктугун белгилеген. Сурамжылоонун сунуштар бөлүгүндө *“студенттик ашканаларды жакшыртуу, студенттер жана мугалимдер үчүн ашкананын баасын арзандатуу”* керектигин сунуштаган.

Демек, ашкана кызматынын айрым корпустарда жок, кайрадан уюштуруу зарылдыгы бар. Анткени ашканалардын болушу төмөндөгү тоскоолдуктардын токтотот: кызматкерледин тамактануу үчүн жол убактысын, финансынын сыртка эмес уюм ичинде айлануусун, каржынын артышын, кызматкерлердин иш убактысында алагды болбой концентрациясын топтоп иш процессин продуктивдүүлүгүн арттыруу үчүн. Тамак-аш бизнеси өнүгүп жатканда, анын сапаты жогору, заманбап дизайн менен кайрадан уюмдун ичинде уюштуруу априори прогрессивдүү натыйжа берет.

Интернет тейлөө кызматы:

- Интернет тейлөө кызматынын жалпы абалы боюнча *“орто-канааттандырат”* интервалында баалашкан. КУУнун веб-сайтында маалыматтардын ыкчам, сапаттуу жарыяланышы боюнча окуу көмөкчү-персоналдары (40,0%) *“орто”* канааттанат. Негизинен сурамжылоодо *“ар бир институт, факультетте эмне болуп жатканын билиш үчүн сайт жаңылыктарды блокторго бөлүүнү”* жана *“КУУнун расмий сайтында ар бир студент жана мугалим үчүн боло турган иш-чаралар тууралуу көбүрөөк пайдалуу маалыматтарды чыгаруу*”, *“КУУнун веб-сайтын заманбап, ыңгайлуу, көзгө жагымдуураак кылып өзгөртүүсүн учурда*

[39] Канааттанбаган корпус: 5

баардык маалыматтар аралашып, кызыктырган маалыматты табуу кыйын болуп жатканына байланыштуу жаңылыктарды жана маалыматты бөлүмдөр же темалар боюнча бөлүүнү" сунуштаган.

- "Баласагын ТВ" кызмат көрсөтүүсүн КУУда иштеген жалпы кызматкерлердин стажына 31 жылдан көп иштегендер (34,4%) *"орто"* канааттанат.
- Маалыматтык технологиялар борборунун жетекчилигин окуу көмөкчү-персоналдары (43,6%) *"орто"* баалашат. Ал эми сурамжылоонун сунуштар бөлүмүндө респонденттер өзгөчө *"интернет желелерин жакшыртуу"(Wi-fi желелеринин жыштыгы аябай жеткиликсиздигин)* керектигин баса белгилешкен.

КУУнун социалдык тармактарда чагылдырылышы:

- "КУУнун социалдык тармактарда маалыматтардын ыкчам, сапаттуу чагылдырылышына" дегеле жалпы абалына респонденттер (Facebook, Instagram, TikTok) *"орто-канааттандырат"* интервалында. "Facebook" боюнча Ph.D даражасы барлар (42,9%), доцент (41,7%), илимдин доктору (48,0%) *"орто",* "İnstagram" боюнча илимдин кандидаттары (34,5%), доцент (38,9%), илимдин доктору (44,0%) *"орто",* "TikTok" социалдык тармагында маалыматтардын чагылдырылышына илимдин кандидаты (36,1%), доцент (41,7%), илимдин доктору (40,0%) *"орто"* баалашкан.

Басма кызматы:

- "КУУнун жарчысы" илимий журналынын кызматкерлери, "КУУнун жарчысы" илимий журналынын рейтинги, типография кызматынын сапаты, типография кызматынын жеткиликтүүлүгү боюнча *"орто-канааттанат"* интервалында.
- Журналдын рейтинги боюнча: бакалавриат (54,2%), адистик (38,5%), Ph.D даражасы барлар (35,7%),*"канааттандырат"*, магистратура (36,1%) илимдин кандидаты (41,8%)*"орто"* десе, доцент (33,3%), илимдин доктору (36,0%) *"канааттандырбайт"* деп негативдүү баалаган.
- Илимий журналынын кызматкерлери боюнча илимдин кандидаты (43,8%), доцент (41,7%) жана 31 жылдан көп иштегендер (37,5%) *"орто"* баалаган.
- Типографиянын кызматынын жеткиликтүүлүгүнө жана типография кызматынын сапаты боюнча 31 жылдан көп иштегендер, магистратура (38,1%) илимдин кандидаттары (35,6%), доцент (47,2%), илимдин докторлору (40,0%) *"орто"* канааттанат.

Университет - уюм катары:

- КУУнун материалдык-техникалык базасы “*орто канааттандырат”*. 31-40 жыл иштегендер (45,3%), *“орто”* деп баалашкан. Респонденттер *“материалдык-техникалык базасын талапка ылайык келтирүүнү”* сунуштаган.
- КУУнун стратегиялык планын институт/факультеттерге боюнча Биология факультети (50,0%), Чет тилдер факультети (44,4%), Кесиптик колледж (33,3%) *“орто”* баалаган.
- “КУУнун максаты жана миссиясынын ачыктыгы жана тактыгы” суроосуна *“орто”* деген Биология (57,1%) жана Чет тилдер факультети (36,1%).
- Уюм ичинде түзүмдөр, бөлүмдөр арасындагы байланыштын тыгыздыгы маанилүү. Изилдөөнүн жүрүшүндө КУУнун филиалдары менен байланышын респонденттер кандай баалашкан? Алсак, “КУУнун Талас ш. (филиалы) табигый илимдер факультети менен байланышы” (37,0%), “КУУнун Нарын ш. (филиалы) табигый илимдер факультети менен байланышы” (37,5%), “КУУнун Каракол ш. (филиалы) табигый илимдер факультети менен байланышы” (37,9%), “КУУнун Ош ш. (филиалы) гуманитардык табигый илимдер факультети менен байланышы” *“орто”* деген (36,1%). Ош ш. (филиалы) гуманитардык табигый илимдер, Каракол ш. (филиалы) табигый илимдер, Нарын ш. (филиалы, Талас ш. (филиалы) табигый илимдер факультеттери менен байланышын 16-25 (42,4%), 26-30 (48,6%), 31 жылдан көп иштегендер (37,5%), магистратура (36,1%), Ph.D (35,7%), илимдин кандидаты (38,7%) доцент (47,2%) *“орто”* баалашкан.
- КУУнун өлкө ичиндеги ЖОЖдор менен байланышы” (29,8%), “КУУнун чет өлкөлүк ЖОЖдор менен байланышы” (31,4%), “КУУнун мамлекеттик уюмдар менен байланышы” (32,7%), “КУУнун мамлекеттик эмес уюмдар менен байланышын” (35,8%) *“орто”.*
- КУУнун чет өлкөлүк ЖОЖдор менен байланышы институттар жана факультеттер боюнча Социалдык-гуманитардык илимдер институту (45,0%), Биология факультети (42,9%), Компьютердик жасалма жана интеллект институту (41,7%), Кыргыз-Европа факультети (41,7%), Кесиптик колледж (40,0%), Чет тилдер факультети (36,1%) *“орто”* баалашкан. *“мамлекеттердеги башка ЖОЖдордун окутуучуларынын окутуу тажрыйбасын алмашуу, кызматташууну”* сунуштаган.
- КУУнун мамлекеттик уюмдар менен байланышына Биология (50,0%), Кыргыз-Европа (47,2%), Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультети (45,5%), Социалдык-гуманитардык илимдер (42,5%), А. Асанова атындагы башкаруу менеджмент институту (41,4%), Экономика жогорку мектеби (37,5%), Кесиптик колледж (36,7%), Чет тилдер

факультети (36,1%), Юридикалык колледж (35,4%) жана 31 жылдан көп иштегендер (39,6%), доцент (50,0%), илимдин докторлору (44,0%), профессорлор (31,3) *“орто”* деген.

- КУУнун мамлекеттик эмес уюмдар менен байланышы *“орто”* жообуна: Кыргыз-Европа (52,8%), Биология (50,0%), Кыргыз филология (45,7%), Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультети (45,5%), Экономика жогорку мектеби (43,8%), Химия жана химиялык технологиялар (43,5%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (40,0%), Физика жана электроника (40,0%), Чет тилдер факультети (38,9%), А. Асанова атындагы башкаруу менеджмент (37,9%), Тарых жана чөлкөм таануу институту (37,0%), Юридикалык колледж (36,9%) жана 31 жылдан көп иштегендер (47,9%) “орто” деп баалаган.
- КУУнун “Кыргызстандагы илимге кошкон салымы” (40,3%) *“канааттандырат”,* (27,0%) *“толук канааттандырат”* деп позиттивдүү баалашкан. Биология факультети (57,1%), Чет тилдер факультети (36,1%) *“орто”* деген.
- КУУнун Кыргызстандагы илим тармагына кошкон салымы Биология факультети (57,1%), Журналистика жана коммуникация институту (34,5%), Чет тилдер факультети (30,6%) “орто” баалаган.
- Кыргызстандын мамлекеттик алдыңкы окуу жайы катары КУУнун имиджи боюнча респонденттер кандай баалашкан? Алсак, “КУУнун өлкө аймагында имиджи” (36,1%) *“канааттандырат”,* (28,9%) *“орто”* жана “КУУну эл аралык имиджи” (34,0%) *“канааттандырат”,* (28,6%) *“орто”* башкача айтканда *“орто-канааттандырат”* интервалында баалашкан. Өлкө аймагында имиджин Биология факультети (50,0%), Журналистика жана коммуникация институту (44,8%), Чет тилдер факультети (36,1%), Юридика институту (34,0%) жана доценттер (30,6%) *“орто”*баалашат.
- КУУнун эл аралык имиджин боюнча *“орто”* - География, экология туризм (57,1%), Чет тилдер факультети (30,6%), Физика жана электроника (28,6%) болсо, *“канааттандырбайт”* Биология факультети (35,7%) баалаган.

Уюмдук (корпоративдик) иденттүүлүк:

Ар бир уюмдун түзүлүп өнүгүшүндө анын мүчөлөрүнүн иденттүүлүгү абдан маанилүү параметр. Анткени уюмдун мүчөлөрүнүн иденттүүлүгү канчалык жогору болсо, ал чындыгында эле өз милдетин сапаттуу, так орундатат. Тескерисинче уюмдук идентүүлүгү төмөн болсо, демек ал өзүн уюмга таандык сезбейт, жоопкерчиликтен качат же өз милдетин аткаруусунун, жумушунун сапаты төмөндөйт. Демек уюмдун максаты, миссиясы, стратегиялык

пландарынын ишке ашырылышында уюмдук иденттүүлүк түздөн түз таасир этүүчү негизги фактор болуп саналат.

Уюмда анын ар бир мүчөсү алдында кандай максат, миссиясы бар экендигин аныктоосу кажет. Бул “Мен эмне пайда алып келип жатам?” суроосу. Негизи эле адамзат коомчулугунда дал ушул суроону аныктоо ал адамдын социалдык топто жашоодогу максат, миссиясын аныктоосу үчүн, муну менен катар социалдык уюмдардын мүчөсү катары эффективдүү жаратмандык менен өз милдетин аткарып салым кошуусун, жашоонун өзөгүн түзөт. Ал инсан окуу жайдын короо тазалоочусу болсун, балким окумуштуу, профессор болсун “университетке кандай пайда алып келип жатам?” - деген суроону өзүнө берүүсүнүн негизинде корпоративдик иденттүүлүк пайда болот, жыйынтыгында сапаттуу кадрлардан куралган уюм эң мыкты ийгиликтерди багындыра алат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгү иденттүүлүк параметрлери берилген: КУУда иштегенге канааттанам; КУУда иштөөнү улантам; аткарган жумушумду сапаттуу деп эсептейм; өзүмдү КУУнун өкүлү деп эсептейм; КУУдагы маселелерди өз маселемдей карайм; өзүмдү КУУга салым кошуп жатам деп эсептейм. “КУУда иштегенге канааттанам” деген пикирге окуу көмөкчү-персоналдары (34,5%) *“орто”* дешет. Ал эми иликтөө процедурасында көрсөткүчтөрдүн жооптору жалпысынан позитивдүү.

Негизинен сурамжылоонун жыйынтыктарына таянсак, КУУнун кызматерлеринин уюмдук (корпоративдик) иденттүүлүгү жогору. Демек, КУУ – уюм катары прогрессивдүү өнүгүү жолуна багыт алууда.

Университет жетекчисинин ишмердүүлүгү. Ректор – лидер катары:

Лидерликте эң башкы фактор - бул мыкты команданы топтоо. Ийгилик – бул өзүбүздүн тегерегибизге өзүбүздөн күчтүү кадрларды топтоо. Ар бир орунга туура, татыктуу кадрлары коюу негизги кадам. Заманбап деңгээлде, лидер бардык жумушту өзү эмес, тиешелүү, туура кадрларга бөлүштүрүү менен гана эффективдүүлүктү жогорулатат. Анын баары сапаттуу кадрларды топтоо, аларга ишенүү жана жоопкерчиликтерди тапшыруу менен жүрөт. Жумуштуу бөлүштүрүү - жумушту ошол кадрга толугу менен өткөрүп, ага ишенич көрсөтүү менен ал өз жумушун, жоопкерчиликти жакшыраак аткарат. Ал эми ишеним жоопкерчиликти эки эсе көбөйтөт. Анткени уюмдагы персоналдар жетекчинин ишенимин аңдаганда өз ишин дагы да мыкты аткарат.

Респонденттер же тагыраак айтканда академиялык, административдик, окуу-көмөкчү персоналдары окуу жайыбыздын ректору – лидер катары

ишмердүүлүгүн кандай баалашат? Сурамжылоодо төмөндөгү параметлер боюнча берилген: профессионалдык билими жана жөндөмү; нормативдик актылар, бөлүмдөрдүн ишмердүүлүк регламенти, мамлекеттик жана чет элдик тажрыйбасынын деңгээли; маселелерди чечүү компетенциясы; иш кагаздары менен иштөө жөндөмү; академиялык, административдик кызматкерлери менен иштөө жөндөмү; баарлашуу/коммуникация жөндөмү; оратордук жөндөмү; жоопкерчилиги; жаратмандыгы, креативдүүлүгү; оор кырдаалдарда туура чечим кабыл алуу жөндөмү; кандайдыр бир маселеде ректор менен түз байланышуу; КУУнун ректорунун аткарып жаткан жумушу (жалпы). Жалпысынан изилдөөнүн жыйынтыктарына таянсак респонденттер позитивдүү, жогору баалашкан.

Негативдүү жооптор дээрлик жок болсо да *“орто”* баалаган айрым элементтер бар. Алсак: иш кагаздары менен иштөө, академиялык, административдик кызматкерлери менен иштөө жөндөмү, кандайдыр бир маселеде ректор менен түз байланышуу боюнча Биология факультети (42,9%) *“орто”* деп баалаган.

Классикалык уюмдун башкаруу түзүлүшүнө караганда заманбап уюмдар лидер менен түз байланышуу өзгөчөлүгү менен айрымаланат. Чындыгында азыркы учурдагы пост-модерн лидердин ишмердүүлүгүндө кимде эмне маселе болсо жумуш убактысында түздөн-түз байланыша алуу мүнөзү реалдуу ишке ашырылып келүүдө. Сурамжылоонун сунуштар бөлүмүндө респонденттер *“кафедра башчылары менен ректораттын байланышы тыгыз болуусун”, “окутуучунун окуу, окуу-методологиялык, илимий ишмердүүлүгү боюнча ректорго түз байланышууга чыгуу шартын түзүү”, “ректор ар бир кызматкерди, окутуучуларды түз кабыл алуусу үчүн атайын күндү белгилөө”* керектигин баса белгилешкен. Алдыда ушул элеметке акцент берүү албетте кошумча прогрессивдүү жыйынтыка алып келет.

Демек, окуу жайыбыздын ректорун – лидер катары академиялык, административдик, окуу-көмөкчү персоналдары динамикалуу, прогрессивдүү ишмердүүлүгүн “жогору/ толугу менен канааттандырат/” позитивдүү баалашат. Изилдөөнүн сунуштары бөлүмүндө да берилгендей респонденттер ушундай тепте иштөө менен алдыда ийгиликтерди каалап ыраазычылыктарын аябай көп билдиришкен.

Ишмердүүлүктөр:

Кыргыз улуттук университети тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоодо респонденттерге проректор, департамент, бөлүм, башкармалык, сектор, борбор, факультет/институттардын ишмердүүлүктөрүнө канааттануу абалы боюнча атайын суроолор берилген. Ар бир ишмердүүлүктөргө респонденттердин институт/факультеттер боюнча канааттануу даражаларын карасак:

- Окуу иштери боюнча проректордун өз кызматтык милдетин аткарышын позитивдүү баалашат. Ал эми *"орто"* баалаган илимдин доктору даражасы барлар (40,0%), Биология (50,0%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), Чет тилдер (36,1%), Физика жана электроника факультети (34,3%).
- Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун өз кызматтык милдетин аткарышы позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"* - илимдин доктору (40,0%), География, экология жана туризм (42,9%), Мамлекеттик жана муниципиалдык (36,4%), Чет тилдер (36,1%), Биология факультети (35,7%) жана Кесиптик колледж (30,0%) болсо, Ph.D (40,0%) *"канааттандырбайт"* деген.
- Илимий иштер боюнча проректордун өз кызматтык милдетин аткарышын позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"* - Ph.D (42,9%) көпчүлүгү, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), География, экология жана туризм, Биология (42,9%) жана Чет тилдер факультеттери (36,1%).
- Административдик жана чарба иштери боюнча проректордун өз кызматтык милдетин аткарышын позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"* - 31 жыл же андан көп стажы барлардын (38,5%) көпчүлүгү**,** География, экология жана туризм (50,0%), Физика жана электроника (40,0%), Чет тилдер (38,9%) жана Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультеттери (36,4%) болсо, ал эми *"канааттандырбайт"* жогору көрсөткөн Биология факультети (35,7%).
- Инвестициялар боюнча проректордун өз кызматтык милдетин аткарышын позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- 50-59 жаш курактагылардын (38,6%), 31-40 жыл стажы барлардын (41,9%), Ph.D (42,9%), илимдин кандидаты, доценттер (35,1%), доценттер (36,1%) жана илимдин доктору даражасы барлардын (52,0%) көпчүлүгү, Химия жана химиялык технологиялар (52,2%), Чет тилдер (44,4%), География, экология жана туризм факультети (42,9%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект (41,7%), А.Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институттары (34,5%) деген, ал эми *"канааттандырбайт"* салыштырмалуу жогору Биология факультети (35,7%) болгон.

- Эл аралык кызматташтык департаментинин ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *“орто”*- 26-30 жыл иштөө стажы барлар (34,3%), География, экология жана туризм (50,0%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети (45,5%), Кесиптик колледж (43,3%), Биология (42,9%), Химия жана химиялык технологиялар (39,1%), Чет тилдер факультети (33,3%) жана Юридика институту.
- Коомчулук менен байланышуу жана жаштар иштери боюнча департаменттин ишмердиги позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *“орто”*- 26-30 жыл стажы барлар (37,1%), Ph.D (50,0%) жана илимдин доктору даражасы барлар (48,0%), Химия жана химиялык технологиялар (47,8%), Чет тилдер (44,4%), Биология факультети (42,9%), Журналистика жана коммуникация институту (37,9%), Кесиптик колледжи (36,7%) жана Юридика институту (35,1%) болгон.
- Илимий-метрикалык жана илимий изилдөөлөрдү уюштуруу бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *“орто”*- 21-30 (35,8%), 31-40 жыл стажы барлар (40,2%), Мамлекеттик жана муниципиалдык факультети (54,5%), Журналистика жана коммуникация институту (44,8%), Чет тилдер (44,4%), Кесиптик колледжи (43,3%), География, экология жана туризм (42,9%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (41,9%), Экономика жогорку мектеби (40,6%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (37,5%), Биология факультети (35,7%).
- Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *“орто”*- Ph.D (35,7%), 26-30 жыл стажы барлар (40,0%), Чет тилдер (47,2%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), Кыргыз филологиясы (42,9%), Математика жана информатика факультети (40,0%), Кесиптик колледж (36,7%) жана Биология факультети (35,7%).
- Фундаменталдык илимдер институтунун ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *“орто”*- 31-40 жыл стажы барлар (41,9%), Ph.D (42,9%), илимдин кандидаты, доценттер (36,1%), Чет тилдер (58,3%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (54,5%), География, экология жана туризм (50,0%), Биология факультети (42,9%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (41,9%), Кесиптик колледж (40,0%) жана Юридика институту (36,1%).
- Окуу башкармалыгынын башчысынын ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *“орто”*- 26-30 жыл стажы барлар (38,6%), доцент (38,9%) жана илимдин докторулору (48,0%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (54,5%), Химия жана химиялык технологиялар

(43,5%), География, экология жана туризм (42,9%), Чет тилдер факультеттери (38,9%), Кесиптик колледж (36,7%).

- Окуу процессин координациялоо бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- илимдин докторулору (44,0%), Чет тилдер (47,2%) жана Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультеттери (45,5%).
- Билим берүүнүн сапаты, мониторинг, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- Ph.D (40,0%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), Чет тилдер (41,7%) жана Биология факультети (35,7%).
- Академиялык мобилдүүлүк, билим берүүнүн экспорту жана тармактык магистратура бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- илимдин докторулору (60,0%), География, экология жана туризм (50,0%), Чет тилдер (41,7%) жана Химия жана химиялык технологиялар факультети (39,1%) болсо, *канааттандырбайт"* салыштырмалуу жогору көрсөткөн Биология факультети (35,7%) болгон.
- Мамлекеттик тил секторунун ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- 31-40 жыл стажы барлар (44,4%), Ph.D (50,0%), доценттер (36,1%) жана илимдин докторлору (40,0%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети (54,5%), Кесиптик колледжи (46,7%), География, экология жана туризм (42,9%), Чет тилдер факультеттери (41,7%) жана Экономика жогорку мектеби (34,4%), ал эми *"канааттандырбайт"* пайыздык көрсөткүчү салыштырмалуу жогору Биология факультети (42,9%).
- Инвестициялар боюнча бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- административдик-башкаруу кызматкерлери (34,0%), 31 жыл же андан көп стажы барлар (38,5%), География, экология жана туризм (50,0%), Чет тилдер факультеттери (44,4%), Социалдык-гуманитардык илимдер (37,5%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект (33,3%), Юридика (33,0%) жана А.Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институттары (31,0%), ал эми *"канааттандырбайт"* салыштырмалуу жогору көрсөткөн Биология факультети (42,9%) болгон.
- Басма сөз кызматынын ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- Ph.D (35,7%) жана профессорлор (37,5%), Биология (42,9%), География, экология жана туризм (42,9%) жана Чет тилдер факультети (36,1%).
- Тил үйрөтүү борборунун ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- 31 жыл же андан көп стажы барлар (33,3%), Ph.D (42,9%), доценттер (38,9%) илимдин докторлору (44,0%) жана профессорлор

(31,3%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (54,5%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу (48,4%), Чет тилдер факультеттери (41,7%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (40,0%), Кесиптик колледжи (33,3%).

- Пландоо-каржы бөлүмүнүн, бухгалтериянын ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- профессорлор (37,5%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), Чет тилдер (38,9%), Биология факультеттери (35,7%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту жана Кесиптик колледж (33,3%), Физика жана электроника факультети (31,4%).
- Карьера жана практика борборунун ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- 31 жыл же андан көп стажы барлар (36,5%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (47,5%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети (45,5%), Экономика жогорку мектеби (43,8%), География, экология жана туризм факультети (42,9%), А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту (41,4%), Журналистика жана коммуникация институту (37,9%), Биология (35,7%), Чет тилдер факультеттери (33,3%).
- Кадрлар башкармалыгы: кадрлар, жалпы бөлүмдөрүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- окуу көмөкчү-персоналдары (34,1%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%) жана Биология факультеттери (42,9%) болгон.
- Юридика бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- 26-30 жыл стажы барлар (37,1%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), Чет тилдер факультеттери (44,4%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту жана Экономика жогорку мектеби (37,5%), Кесиптик колледжи (36,7%), ал эми *"канааттандырбайт"* салыштырмалуу жогору Биология факультети (42,9%) болгон.
- Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- Ph.D (35,7%), Биология (64,3%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (45,5%), Физика жана электроника (34,3%) жана Чет тилдер факультеттери (33,3%).
- Архив бөлүмүнүн ишмердигин позитивдүү баалашат. Ошол эле учурда *"орто"*- Биология факультети (57,1%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (42,5%), Чет тилдер факультети (41,7%), Кесиптик колледжи (36,7%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети (36,4%).

- Сиз иштеген факультет/институт жетекчисинин ишмердигин деген суроого респонденттер институттар жана факультеттер боюнча позиттивдүү баалашат.
- Сиз иштеген факультет/институт жетекчисинин орун басарынын ишмердигин деген суроого респонденттер институттар жана факультеттер боюнча позиттивдүү баалашат.

Уюмдун өзгөрүүсү – анын ичиндеги субъекттердин иш-аракеттеринин, ишмердүүлүктөрдүн өзгөрүшү. Университет боюнча жалпы маалымат бөлүмүндө фактылар түрүндө берилгендей эле окуу жай чындыгында динамикалууу өзгөрүү процессинде. Изилдөөнүн жыйынтыктары тастыктагандай албетте дагы да прогресске алып барчу кадамдар үчүн айрым элементтерге өзгөрүүлөрдү киргизүү, анын үстүнөн тиешелүү иштердин жүргүзүлүшү максаттуу кадам.

Жыйынтыктап айта турган болсок, КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар окуу жайдын академиялык, административдик, окуу-көмөкчү персоналдарынын канааттануусу, баалоосу, сунуштоолору боюнча деталдуу талданган баяндама учурдагы абалдын негизи болуу менен катар окуу жайдын келечектеги өнүгүү траекториясына багыт берүүчү мүнөзгө ээ.

6. Тиркемелер

А. Таблицалардын тизмеси

Таблица 1. КУУнун илимий макалаларды жарыялоо активдүүлүгү Россиянын илимий цитаталар индекси боюнча (РИНЦ) 17
Таблица 2. Эл аралык журналдарга жарыялоолор 17
Таблица 3. Жылдарга карата илимий долбоорлор 18
Таблица 4. Жылдарга карата түзүлгөн эл аралык келишимдер 19
Таблица 5. КУУнун окутуунун орточо төлөмү 19
Таблица 6. Университеттин кирешелери 20
Таблица 7. Университеттеги инвестициялар 20
Таблица 8. КУУда жылдарга карата эмгек акы 20
Таблица 9. Университеттин чыгымдары жылдарга карата 21
